

3
Өзбекстан 20 жылдан бери тоготпой келген

9
Бекер олтуруу мен үчүн азап



САРЕСЕП
saresep.kg
5-май, 2016-жыл
№17 (50)
Калыс көз караш!



# Энергетика эпчилдерге жем болууда...

4-бетте



Жаштарга жанашкан аракечтик

6-бетте



Чечим чыгаруу үчүн бирөө өлүш керекпи?

7-бетте



Ислам өлкөлөрү: көйгөйлөр жана үмүттөр

10-бетте



GREEN CITY
eco hotels & resorts

Green City мейманканасы
бир орундуу бөлмөлөр,
эки орундуу бөлмөлөр,
КОНФЕРЕНЦ ЗАЛ
ресторан, бизнес ланч
Тынчтык пр., 16
+996 312 87 87 50
+996 559 87 87 50

Green City мончосу
түрк хамамы, орус мончосу,
туз камерасы, бассейн, массаж,
балыктар менен пилинг,
жаш балдар бөлмөсү ж.б.
Исакеев көч., 2а
www.greencity.kg



+996 312 89 67 67
+996 550 89 67 67
+996 701 79 67 67

# «Кумтөрдө» алтын өндүрүү азайды

2016-жылдын биринчи кварталында "Кумтөрдө" алтын өндүрүүнүн көлөмү 2015-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 49 пайызга азайды. Бул тууралуу "Центерра Голд" компаниясы тараткан маалыматта айтылат. Андагы кабарга ылайык, мындай төмөндөө кен казуу тоо тектеринин алтын кошулмасы аз жерине жеткенине байланыштуу. Анткен менен компания кийинки кварталдарда өндүрүш көлөмү жогорулай турганын ырастоодо.

"Центерра Голддун" маалыматы боюнча, "Кумтөр" 2016-жылдын биринчи кварталында 33 165 унций же 0,94 тонна аффинаждала элек (доре куймасы) алтын өндүргөн.

3-майда "Центерра Голддун" директорлор кеңешинин жыйыны болуп өттү. Анда быйылкы жылдын үч айлык өндүрүштүк көрсөткүчтөрү каралды.



## Малды идентификациялоо өнөктүгү башталууда

Кыргызстанда малды идентификациялоо өнөктүгү башталууда. Бул тууралуу өкмөт алдындагы Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын директору Калысбек Жумаканов билдирди. Анын айтымында, малды идентификациялоо жумуштары алгач Ноокат, Кара-Буура жана Ысык-Ата райондорунда башталат. Жылдын аягына чейин бул райондордо 800 миң баш уйду идентификациялоо пландалууда.

Жумакановдун маалыматында, учурда идентификациялоо боюнча маалыматтык система түзүлүп жатат. Андан соң атайын тендердин негизинде малдын кулагына тагылчу биркалар сатып алынып, сентябрь айынан тарта ири мүйүздүү малга тагылат. Ошондой эле ар бир мал башына идентификациялык номер берилет.



Кыргызстанда малды идентификациялоо боюнча мыйзам 2013-жылы кабыл алынган. Буга чейин менчик малды идентификациялоо милдети Ветеринария жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекцияга жүктөлгөн. Айыл чарба министрлигинин буга чейинки иштери начар деп бааланып, Ветеринария жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекцияга эки жума ичинде иш-план даярдап келүүнү тапшырган.

Расмий маалымат боюнча, Кыргызстанда 400 миң жылкы, 1,5 миллион уй, төрт миллиондой майда жандык, 7 миллионго чукул канаттуу бар.

## Улуттук кийимге сынак жарыяланды

Көчмөндөр оюндарында Кыргызстандын курама командасы менен калыстар тобунун кийимдери үчүн сынак жарыяланды. Бул тууралуу Тарых жана маданият жылын белгилөө боюнча мамлекеттик дирекция кабарлады.

Дизайнерлер сунуштаган улуттук кийимдердин үлгүлөрү 10-майга чейин кабыл алынат. Тандоодо кыргыздын улуттук өзгөчөлүктөрү, белгилери менен иштелип чыккан эскиздерге басым жасалат. Сынактын жеңүүчүсү Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына ардактуу конок катары чакырылып, кийимдерге байланышкан иш-чараларга катышат.

Көчмөндөр оюндары 3-8-сентябрь күндөрү Ысык-Көлдүн жээгинде болот. Биринчи жолу бул иш-чара 2014-жылы Ысык-Көлдө өткөн. Ага Кыргызстандын, Азербайжан, Беларус, Казакстан, Тажикстан, Өзбекстан жана Орусиянын өкүлдөрү катышкан. Быйылкы эл аралык оюндарга келгендер улуттук спорттун 26 түрү боюнча күч сынашат.



## Өзбекстан колдонгон объектилер кайтарылды

Өкмөттөн кабарлашкандай Кыргызстан буга чейин Өзбекстан пайдаланып келген 12 объектини өз менчигине өткөрдү.

Маалыматка ылайык, учурда дагы башка бир нече объектилерди менчикке чыгаруу иштери көрүлүп жатат. Буга чейин өкмөттүн буйругунун негизинде Ысык-Көлдөгү "Рохат-НБУ", «Алтын кум», «Бустон» жана «Дилором» пансионаттарын Кыргызстандын карамагына өткөрүү чечими кабыл алынган эле. Ошону менен катар аткаруу бийлиги Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы «Орто-Токой» суу сактагычын да алганы белгилүү болду. Аткаруу бийлигинин батыл аракеттерин коомчулук алкоого алганы менен айрым талдоочулар коңшу өлкө менен болгон алака буга чейинкиден дагы сууп кетиши мүмкүн экенин божомолдошууда.

Мамлекеттин менчигине өткөрүлүп жаткан объектилердин арасынан эң эле чуулусу - «Орто-Токой» суу сактагычы. Аталган суу сактагычка өзбек тарап өзүлөрүнүн аскерлерин дагы кайтарууга коюп алганы тууралуу сөздөр айтылып келген. Өзбекстандын бул объектиге көз артып жатышынын бирден-бир себеби катары талдоочулар Өзбекстанда суунун жетишсиздиги менен байланыштырып келишет.



БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## Энергетиканы элге сатуу керек

Анча-мынча китеп кармаган саясатчылардын баары эле Сингапурду отуз жылдан ашык башкарган Ли Куан Юнун «Сингапур окуясы: Үчүнчү дүйнөдөн биринчиге» деген китебин мактап калышат. Бирок бул чыгармадагы принциперди улуттук саясатка колдонууга шашкан бирөө жок. Мына ошол дүйнөнү дүңгүрөткөн китепте 1993-жылы сатылган «Сингапур телеком» компаниясы тууралуу жакшы маалымат бар.

Мурунку премьер-министрибиз айткандай, мамлекеттин менчиги болгон «Мегаком» жакшы акча таап, бюджетке олчойгон салык төлөгөнүнө карабай сатылыш керек болгон. Себеби болгон кирешеси толугу менен мамлекеттик бюджетке өтүп, жаңы жабдыктарды сатып алууга жана өнүгүүгө каражаты жок болуп калган. Технология көз ирмем сайын жаңырып жаткан учурда жарак-жабдыгы артта калган «Мегакомду» бир аздан кийин эч ким алгысы келбей калат деген ойду айткан. Демек мамлекеттик менчик көп учурда эффективдүү эмес экени дагы бир жолу тастыкталды.

Жаш жана чыгаан адис Айбек Калиев жетектеген Улуттук энергохолдинг мамлекеттик эмес жеке ишканага окшоп бараткандыгы жакында маалым боло баштады. Анткени менен бул маалымат ачык айтылбай, депутаттардын опузасы менен берилип жатканы таң калтырат. Себеби Айбек Калиевди колдонуп жаткан топ, аларга каршы чыгып аткандар деле жалпы элдин үлүшүнөн өз көмөчтөрүнө күл тартып жаткандай сезим калтырууда.

Ал эми «Сингапур телекомго» келсек, анын акцияларын иштеп жаткан калктын дээрлик бардыгына өз баасынын жарымына сатылган. Себеби мамлекеттик казынадан бир да тыйын албаган өкмөт бюджетте жыйналган каражатты бир жакка жумшоосу керек болгон. Ошентип Сингапур элинин көбү өлкө байлыгын өз колуна кармап тургандай сезимге келишкен. Карапайым эл ал акцияларды башкаларга сатып жибербеши үчүн биринчи акциясын сатып жибербеген жарандарга жылда кошумча бекер акциялар берилип келген. Натыйжада иштеген адамдардын 90%ы мамлекеттик акцияларды сатып алып, өлкөнүн эң ири инвесторлоруна айланышкан.

Бизге өкмөт Улуттук энергохолдингдин акцияларын өз баасына эле сатсын дейли. Аларды сатып жибербеш үчүн чара көрсүн. Ошондо электр кубатынын баасын көтөрүүгө каршы болгондор бир топ азаймак. Сыртта жүргөн каражаттар да өлкөбүзгө кайтып келмек.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров, Эсен Өмүракунов

**Жоопту редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6500**
**Буйрутма № 1044**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Өзбекстан 20 жылдан бери тоготпой келген

**Акыркы маалыматтарга ылайык Өкмөт Өзбекстан колдонуп келген маңыздуу 12 объектини өз карамагына өткөрүп алды. Буга чейин да Ысык-Көлдөгү 4 пансионатты жана орто токой суу сактагычын кыргыз тарапка кайтарган. Мындай объектилерди кайтарып алуу дагы да улана берери маалым болду. Биз чек ара кызматынын мурдагы башчысы** Токон Мамытовго **кайрылып: "Кайтаруу иштери эмне үчүн акыркы учурда гана курчуй баштады? Же буга чейин өкмөт батына албай келгенби?" деген суроого мындай жооп алдык:**



– Батына албай келген деп айтыш кыйын. Болгону канча жылдан бери даярдалып келген иштер ушул күндөргө тушугуп жатат десек болот. Эске сала кетсем, 1993-жылдан баштап, 2015-жылга чейин Кыргыз өкмөтү бир нече жолу өзбек өкмөтүнө кайрылып, алар колдонуп келген суу сактагычтарды, каналдарды, жолдорду, ошондой эле Баткен облусундагы "Дүрбөндү" газ-мунай скважинасы сыяктуу ири объектилерди эки тараптуу, биргелешкен комиссия түзүп, ошол комиссиянын чыгарган чечиминин негизинде инвентаризация кылып кайтарып берүүсүн талап кылып келген. Бирок жооп болбогон соң "өткөрүп бергиле" деп кат менен дагы, оозэки дагы, комиссия аркылуу дагы кайрылдык. Алар анда дагы укмаксанга салган. Буга чейин дагы, тагыраагы 2011-жылы да бир топ депутаттар маселени көтөрүп чыгып, парламентте кеңири талкуу болгон. Андан соң парламент өкмөткө тиешелүү тапшырма берген. Өкмөт ошонун баарын бүгүнкү күнгө чейин үстүнөн иштеп, даярдап келип, быйылтан баштап Кыргызстандын карамагына өткөрө баштады. Муну бул өкмөт же тиги өкмөт жасады деп айтканга болбойт.

Мындан ары дагы Кыргызстанга тиешелүү, кыргыз жеринде жайгашкан объектилер эл аралык келишимдердин негизинде кыргыз тарапка өткөрүлүп берилиши керек. Эки өлкөнүн ортосунда ансыз да чыңалып турган мамиле ого бетер ырбайт дегендер да бар. Бирок андай кооптонууга негиз жок. Анткени мына 15–20 жылдан бери булардан, мындайча айтканда, жакшы айтып дагы, жаман айтып дагы сурандык. Бирок өзбек тарап тоготпой келсе бизде башка айла калган жок. Мамиле ырбайт деп карап отура бермек белек.

# «Кумтөр» качан ийге келет?

**"Кумтөр" алтын кенин "Центерра Голд" компаниясы 2009-жылкы түзүлгөн келишим боюнча иштетип келет. Бирок ага макул болбой, «Канада тарап бизди алдап жатат» дегендер да аз эмес. Оппозициялык** саясатчы Равшан Жээнбеков **«Кумтөр» алтын кенинин маселесинин президенттик мөөнөт бүтөрүнө аз калганда козголуп келгендиги кызык экенин айтып, аталган көйгөйдү чечүүдө этияттык менен мамиле кылууга чакырат:**



– Акыркы учурда "Кумтөр" маселеси оор абалда турат. Тагыраак айтканда, буга карата чечим кабыл алууда кылдаттык менен карашыбыз шарт. Анткени ушунун айынан алтын кени жабылып, экономикабызга аябагандай чоң залакасын тийгизип коюшу мүмкүн. Эки тараптын ортосундагы бул көйгөйдү дүйнөлүк сот гана чече алат. Дүйнөдөгү белгилүү донорлор Кыргызстанды коррупциялашкан өлкө катары тааныйт. Коррупциялашкан өлкө дегенибиз, коррупцияга малынган бийлик дегенди билдирет. Эгер соттошо турган болсок, эки жол менен "Кумтөрдү" жеңишибиз мүмкүн. Биринчиси, келишимдерди түзүүдө коррупциялык аракеттердин болгондугу. Коррупциялашкан бийликтин мындай кадамдарга баруусу толук мүмкүн. Экинчиси, экология маселеси боюнча соттошо турган болсок, биздин пайдабызга чечилиши ыктымал.

Ал эми "Ата Мекен" фракциясынын төрагасы Өмүрбек Текебаев Өкмөт тарап "Центерра" компаниясы менен сүйлөшүүгө кызыктар болбой жатканын айтып, анын себебин кызматкерлер Кумтөрдүн эмес "Центерранын" кызыкчылыгын жогору койгондугуна байланыштырган:

– Өкмөттө бул ишти атайын кызматтык топ алып барат деп коёт. Негизинен муну башында Дилгир Жапаров менен Кылычбек Шакиров жүргүздү. Жапаров 2003-жылы кылмыштуу келишимди даярдаган эксперттик топтун мүчөсү, 2009-жылы келишимди даярдагандардын да катарында бар. Анан дагы "Центерра" компаниясынын директорлор кеңешинин мүчөсү катары кызмат кылат. Ал биздин адамыбыз эмес, канадалыктардын агенти. Алар: "Бизде корпоративдик этика деген бар. "Центерранын" башка акционерлерине каршы сүйлөй албайбыз. Биз "Центерранын" кызыкчылыгын коргошубуз керек", – деп айтышкан.

# Эптеп 6 болсо кете калайын дегендер үчүн майрам

**Дүйнө жүзү бирине-бири атаандашып турган маалда, биздин эл дагы эле баягы шаан-шөкөтүн, той-ашын түгөтө албай келгени аз келгенсип, эми туш келди элдин майрамын да кошуп алганы жанга батып бараткандай. Календарды карасаң мусулмандын деле, христиандын деле, кызылдай каапырдын деле, жеңгендин деле, жеңилгендин деле майрамы жүрөт аралашып. Эми анысы аз келгенсип, акыркы жылдары бир майрамды эки күн майрамдаган, иш күндү дем алыш күнгө жылдырып жиберген адаттар пайда болду. Мындан келди «Бизге ушунча майрам керекпи?» деген суроо менен** 5-гимназиянын окутуучусу Талгат Деркембаевге **кайрылдык.**



– Негизи, аш көп болсо каада көп деп бекер айтылбаган тура. Элибиз жарды деген менен аш-тойлор, шаан-шөкөттөр көбөйүп, бирөө бир нерсе кылса, экинчиси андан ашыгын кылып келгенин айтып эле келебиз. Бирок, «элди тыйып болбойт экен» дейин десең, эми минтип мамлекет башында турган, оңду-солду көрүп калды деген чоңдор да майрамдын катарын көбөйтүп, өздөрү жаман көндүрүп барат. Мындай эс алуу күндөрдүн зыяны билинбеген менен элге далай эле тиет. Мисалы, азыр жеке ишкерлик кылгандар көп. Алар өздөрү иштей берейин дейт, бирок, мамлекет менен да бүтүрчү иштери да болот. А өкмөт аларга кол кабыш кылгандын ордуна, кайра каадаланып майрамга чыгып кетет. Ишкер ишке кеткенде балдары мектепте, бала-бакчада болуш керек эле. Булар майрам кылып салганда же ишине бара албай, же баласын карай албай калат. Ооруканаларда эл көп, кезек күткөн жан көп. Алар ого бетер көбөйөт. Кыскасы, баягы эле эптеп саатты 6 кылып, эптеп күндү майрам кылып жоголоюн деп, мойнунан байлаган иттей ыргылжың болуп жүргөн бюджетчилерге эле жакпаса, эс алуу күндүн көптүгү иштерман адамга жакпайт. Өткөндө шаардык МАИге барсак, түшкү тыныгуусун 2 саат кылып алыптыр. Эми аларга эл «айыппулумду төлөйүн, документимди бүтүрөйүн» деп барып атат да. Ошону ала калбай эле, керек болсо тыныгуусуз иштеп акчасын алып калышпайбы. Же акчанын кереги жок калганбы? Же бизден башка кайда барат элең, биз жатсак жатасың, биз бассак басасың деген тоготпостукпу? Кыскасы, бул көрүнүш көп деле жакшылыкка алып барбайт, – деди ал.

# Бишкекте дүйнөлүк фестиваль өтөт

**Балдардын эл аралык «Тил жана маданият» фестивалы дүйнө элдеринин ортосундагы достук мамилени бекемдөө максатында 2006-жылдан тарта өткөрүлүп келет. Ар кайсы өлкөдө өткөрүлүп келе жаткан бул фестивалдын 13-сү 2015-жылдын 19-мартында Бишкекте болгон. Бул жылы дагы айтылуу иш-чара майрамдалганы турат. Фестивалдын уюштуруучуларынын катарына кирген** Себат билим берүү мекемесинин коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн адиси Ширин Дубанаевадан **фестивалдын максатын жана даярдыгын сурап төмөндөгүдөй жооп алдык:**



– Бул фестиваль дүйнө жүзүндөгү элдердин ортосундагы достук жана бир туугандык мамилени бекемдөө үчүн 14 жылдан бери ар кайсы өлкөдө өткөзүлүп келет. Быйыл 14-фестиваль өткөнү турат. Дүйнө таанымды кеңейтип, ар улуттун маданиятын тааныштыруу, мамилени чыңдоо, ички дүйнөнү бий, ыр аркылуу кеңейтүүнү максат кылат. Иш-чаранын катышуучулары 2-май күнү борборго учуп келишти. Кыргызстанда фестиваль 2-майдан 9-майга чейин уланат. Концерттик программа 6-майда өтүп, эртең менен саат 11:00дөн 15:00гө чейин көргөзмө болсо, 15:00дө концерт болот. Ар бир элчилик өз маданиятын тааныштырат. Биз дагы каада-салтыбызды көргөзүү үчүн 4 боз үй тиктик. Боз үй ичинде бешик той, кыз узатуу сыяктуу салттар көрсөтүлөт. Бул жыл өлкөбүздө тил жана маданият жылы деп айтылгандыктан атайын дирекция түзүлүп, ага биздин фестивалдан тышкары, дүйнөлүк көчмөндөр оюну дагы кирет. Дирекциянын жетекчиси Султан агай келген конокторду тааныштырып, дирекциянын максаты, көчмөндөр оюну менен тааныштырды. Ал эми Садык Шер Нияз мырза кино үйүнө катышуучуларды чакырып, кыргыздын кинематографиясы, инсандары жөнүндө айтып берди. 3-май күнү конокторго Курманжан Датка эстелигин, аянтты, музейлерди кыдыртып, шаарыбызды көрсөттүк. Быйыл бизге Америка, Монголия, Молдова, Украина, Орусия, Түштүк Африка, Филиппин, Мозамбик, Индия, Бангладеш, Түркия жана Афганистандан турган 12 мамлекеттен катышуучулар келди.

# Энергетика эпчилдерге жем болууда…

| Электр таратуу компания (ЭТК) | Электр энергиянын көлөмү, млн. кВтс | Тариф, ААК «ЭСтен» 1 кВтс. үчүн тыйын | Төлөө үчүн сумма, млн. сом | Тариф ААК «НЭСКке» 1 кВтс. үчүн тыйын | Төлөө үчүн сумма, млн. сом | Натыйжа, млн. сом |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мамлекеттик ЭТК | 272,3 | 59,6790 | 162,5 | 18,24 | 49,60 | 212,20 |
| Менчик ЭТК (ДАС) | 272,3 | 131,2945 | 375,5 | 18,24 | 49,60 | 407,20 |

**2015-жылы Электр таратуу компаниясына (ЭТК) жана Дүңүнөн алып сатуучуларга (ДАС) берилген электр кубаты:**
**Мамлекеттик ЭТКларга – 11,109 млрд. кВт саат**
**Менчик ЭТКларга (ДАС) – 272,3 млн. кВт саат**
**Мамлекеттик ЭТКлардагы жоготуулар – 1,66 млрд. кВт саат (15%)**
**Менчик ЭТКлардагы (ДАС) жоготуулар – 13,6 млн. кВт саат (5%)**
**ААК «Электр станциялары» бирдей көлөмдөгү 272,3 млн. кВтс электр кубатын ЭТКларга жана ДАСка бекиткен тарифи менен реализациялоодо мамлекеттик ЭТКлар 212,2 млн. сом берсе, менчик ДАСтар 407,2 млн. сом төккөн.**

Биздин мектепте "Кыргызстан сууга бай, мөңгү кору боюнча алдыңкы өлкөлөргө кирет" деп окутчу. ЖОЖдо деле ошентип окуганбыз. Бирок, учурдагы чындык мээбизге сиңип калган айныксыз аксиомадан акырындап чыгарып баратат. Анткени бир кезде энергетика тармагы ИДӨнүн 20 пайыздан ашыгын түзүп, экономиканын локомотиви болуп келсе, учурда ал экономикага салым кошмок тургай, элге жетпей калды. Акыркы жылдары биз коңшу Казакстандан, Тажикстандан электр кубатын сатып алып, кыштан чыкчу болдук. Анан калса, атаандашынан жыгылып алдында калса да, "турсам өлөсүң" деген балага окшоп, келечекте Индия, Пакистанга чейин электр сатабыз деп кыялданганыбызчы. Ар деле жок…

Андан көрө акырындап өзүбүздү-өзүбүз толук камсыздап, энергетикалык кризистен чыгып, ресурсту туура жана үнөмдүү пайдалансак, калктын чөнтөгүнө күч келтирбей, тарифтерди көтөрбөй кармап турсак деген маселеге жооп издесек эмне. Бул боюнча учурда ЖКнын белгилүү депутаттары Чыныбай Турсунбеков, Өмүрбек Текебаев, Канат Исаевдер баш болгон депутаттык топ "Электр энергиясы жөнүндө" деген жаңы мыйзам долбоорун иштеп чыгып, комитеттин кароосуна жөнөтүп жатышат. Ал мыйзамдын негизги мааниси энерго тармакты өнүктүрүү үчүн ички атандаштыкты күчөтүү жана жеке жактардын энергетикага инвестиция салышына жол ачуу болуп саналат. Анткени учурда Кыргызстанда өндүрүлгөн электр энергиясынын 98 пайызы мамлекеттин өз колу менен керектөөчүлөргө таркатылып сатылат. Бирок, натыйжасы начар. Эффективдүү башкаруунун жоктугу, жоопкерчиликсиз мамилелер менен уурдоолордун натыйжасында электр энергиясынын же акчасы жарытылып чогулбайт, же энергетикалык обьектилер талаптагыдай иштебейт.

Бирок, иш жүзүнө келгенде мамлекеттик электр бөлүштүрүүчү "Түндүкэлектр", "Чыгышэлектр", "Ошэлектр", "Жалал-Абадэлектр" компаниялары деле формасы жагынан жеке менчик деп жазылып турат. Алар деле, жеке компаниялар деле "Электр станциялары" өндүрүп берген энергияны "Кыргызстан Улуттук электр түйүндөрү" (КУЭТ, расмий тилдеги аталышы НЕСК) ишканасы аркылуу алып, керектөөчүлөргө беришет. Кыскасы, алар деле ортомчулук менен алек. Бирок, булардын ишмердигинин натыйжалары асман менен жердей. Айталы, мамлекеттик төрт компания өндүрүлгөн электр энергиясынын 98 пайызын реализация кылса, жеке менчик катары эсептелген 17 компания жалпы электр энергиясынын 2 гана пайызын элге сатканга жарайт.

Буга кошумча, алар ошол 2 пайыз энергияны мамкомпаниялардан эки эсе кымбат сатып алат жана аларда техикалык жоготуулар 6 пайыздан ашпайт. Мисалы, 2015-жылы мамлекеттик бөлүштүрүүчү компаниялар жалпысынан 11, 109 млрд. кВт.саат электр энергиясын өзүнө алса, анын 1, 66 млрд. кВт.саатын же 15 пайызын жалаң эле техникалык жоготууга кетириптир. Ал эми жеке менчик бөлүштүрүүчү компаниялар болгону 272, 3 млн. кВт. саат электр энергиясын алып кайра сатышса, алардын техникалык жоготууга кетиргени 13,6 млн. кВт. саат же 5 пайызды түзгөн. Бирок, жеке менчик компаниялар бул жоготуулардын акчасын да мамлекетке төлөп беришет. Анткени, келишим дал ошондой түзүлгөн.

Ушундан соң сөз башында белгилегендей, бүгүнкү күнү мамлекеттик энергетика тармагына монополия кылбай, аны жеке менчик компаниялар аркылуу иштетүү кыйла эффективдүү экендигине ынануула болот. Чындап эле бүгүн "Кыргыз темир жолу", "Кыргызгаз", "Кыргызгаропродкорпорация", "Кыргызтелеком" сыяктуу мамлекеттик компаниялардын дээрлик баары банкроттук абалга кептелип турат. Ошондуктан электр энергиясын өндүрүү жана сатууну жеке менчикке эч коркпой эле берип, мамлекет эң маанилүү стратегиялык эки тизгинди – транзитти жана баа саясатын өзүнө калтырганы оң. Жогорудагы жаңы мыйзам долбоору да дал ушул өңүттө жазылган. Өкмөт бааны көзөмөлдөп, элдин кызыкчылыгында кармап турса жана каалаган ГЭС, ТЭЦ салган инвестордун өндүргөн өндүрүмүн (электр энергиясын) элге төмөн, өндүрүшкө керектөөчүлөргө жогору баада сатууга жол ачып, керек болсо, сыртка экспорттоого транзитти өз мойнуна алып берсе болду. Кокту сайын чакан ГЭСтер курулуп, эл да, ишкерлер да жарыктан жабыркабай, муз ордунан жылганы турат…

ЧЕРИК НООРУЗБАЕВ

# ЭКОНОМИКС

Американын атактуу окумуштуулары Н.Мэнкью менен М.Тейлордун «Экономикс» аттуу китеби АКШ жана башка көптөгөн өлкөдө кайра-кайра басылууда. Анда экономикалык теориянын он негизги принциби каралган. Китеп экономикага кызыккан ар бир адамга пайдалуу

*(уландысы)*

## Адамдар кантип чечим чыгарат

Экономикада эч кандай сыйкырдуу нерсе жок. Биз дүйнөдө, Евробиримдик сыяктуу бир нече мамлекеттердин биримдигинде, Кыргызстандын экономикасында, айтор, бардык жерде бири-бири менен жашоо-тиричилик үчүн мамиле кылган адамдарды көрөбүз. Экономикалык принциптер адамдардын бири-бирине кылган мамилелеринен келип чыккандыктан, биз экономикалык теория майданына жеке адамдар кабыл алууда колдонгон принциптер менен аттанабыз.

## 1-принцип: Адам тандайт

Чечим чыгаруу боюнча биринчи сабакты «Бир бетиң өпсөм, бир бетиң калат» деп атасак болот. Зарыл бир нерсени алуу үчүн, балким андан да зарыл нерседен баш тартуу керек. Эң керектүү байлыгы болгон убактысын бөлүштүрө албай жаткан студент кызды мисалга алсак. Ал бул күнүн толугу менен экономикага тиешелүү китепти окуп өткөрсө болот. Же тетирисинче, кечке чейин психологияны изилдеши мүмкүн. Же ушул эки китепти тең окуса да болот. Бир сааттык убактысын бирөөнө жумшаса, ошол эле мөөнөттө экинчисинен баш тартышы керек. Бирок ал ошол эле убактысын велосипед тебүүгө, сыналгы көрүүгө, эс алууга же кошумча каражат табуу үчүн жумуш кылууга жумшай алмак.

Экинчи мисалды ата-эненин мойнуна түшкөн үй-бүлөлүк бүжжетти бөлүштүрүү көйгөйүнө арнасак. Алар колундагы каражатын тамак-ашка же жаңы кийимге, же саякаттоого коротсо болот. Балким алар акчаны сиздин үйлөнүү тоюнузга деп, же пенсияга чыкканда кенен жашайлы деп катып коюшат. Же иниңиздин окуусуна каржап жибершет. Кыскасы, алар кайсы бир максат менен миң сом коротсо, демек башкага кетирели деген каражат миң сомго азаят.

## Бул принцип коомдо кандай иштейт?

Коомго бириккен жумуру баш, айры буттун бардыгы ушул сыяктуу маселелерди чечүүгө мажбур. Дүйнөдө «каймаккабы, же замбиреккеби» деген салттуу тандоо бар. Биз мамлекеттик чектерибизди душмандан коргону үчүн канча каражат сарптасак, күнүмдүк жашоо-тиричилик-ти оңдоо үчүн жумшаган акчабыз ошончо кемийт. Заманбап коомдун башын оорут-кан нерселердин экинчиси – кен казып каражат табуу менен бирге келечек муун үчүн жаратылышты сактап калуу көйгөйү. Айлана-чөйрөнү таза сактап калууга багытталган мыйзамдар түздөн-түз өндүрүм менен кызматтардын кымбаттоосуна алып келет. Компаниялар кирешесин тиешелүү деңгээлде сактап калуу үчүн же кызматкерлеринин айлыктарын кыскартат, же өндүрүмдөрүн кымбаттатат, же ушул экөөнү бирдей колдонот. Табиятты сактап калууга багытталган мыйзам ишкердин, анын жумушчусу менен ошол ишкананын өндүрүмүн сатып алган адамдын кирешелерин азайтат.

## Натыйжалуулук менен теңдиктин тиреши

Натыйжалуулук менен теңдикти тандап алуу да коомдун башын ооруткан келген маселенин бири. Чектелген мүмкүндүктөрдөн болушунча көп киреше алуу натыйжалуулук деп эсептелет. Бул мүмкүнчүлүктөрдөн иштелип чыккан пайдаларды коомдун мүчөлөрүнө адилеттүү таратып берүүнү теңдик деп келебиз. Башкача айтканда, натыйжалуулук ортого коюлган бешбармак десек, теңдик аны бөлүп берүү ыкмасы. Мамлекеттин саясаты өзгөргөндө натыйжалуулук менен теңдик принциптери аркан тартышып калат.

Мисалга экономикалык пайданы болушунча адилеттүү таркатуу маселесин карап көрөлү. Жумушсуз адамга, балдарга же ар кандай себептер менен жөлөк пул берүү саясаты коомдун муктаж тайпаларын колдоо үчүн керек. Ошол эле учурда мамлекет социалдык салыктарды коомдун эң күчтүү мүчөлөрү маңдай тери менен тапкан каражаттардан алат. Бул каражаттар адилеттүүлүктүн деңгээлин жалпысынан жогорулатканы менен ишкерлердин натыйжалуулугун басаңдатат. Жогорудагы жол менен бай тайпалардын кирешесин алсыз тайпаларга оодуруу, биринчилердин эмгегинин акыбетин азайтып, иш ыкчамдыгы жана өндүрүм чыгаруу менен кызмат сунуунун төмөндөшүнө алып барат. Кыскасы, бешбармакты кимге бөлүп бербейли, ал баары бир азаят.

## Тандоо тең салмактыгы

Адам баласы өз билгениндей тандоо кылбашы керек. Студент кыз экономиканы терең изилдейм деп психологияны таштап коё албайт. Коом чыгымдар мүчөлөрүмдүн кирешесин азайтат деп таза табияттан кол жууп калбоосу зарыл. Ишкерликтен алынган салыктар ишмердүүлүктү азайтат деп жакырланып кеткен жаранызга көз жума албайбыз. Кандай болсобун тандоо дайыма керек экенин көңүлүбүзгө түйө жүрсөк туура чечим чыгаруу мүмкүндүгүнөн эч качан ажырап калбайбыз.

# Иттен жок, же ит байлаган жиптен жок

"Улуттук энерго холдинг компаниясы" ААК ишин баштабай жатып, түрдүү сынга кабылды. Айрым эл өкүлдөрү аны энергетика тармагындагы чиеленген жемкорлукту жоготпой эле, тескерисинче, гүлдөтөт деген оюн айтты. Анан дагы, мурдагы жоюлган энергетика министрлигин кайра калыбына келтирүү демилгеси Жогорку Кеңеште байма-бай айтылчу болду



## Коррупциялык махинацияларды холдингге катабы?

Энергетика жана өнөр жай министрлиги жоюлуп, жалпылай энергетика тармагы Улуттук энергохолдинг компаниясы аталганына алты ай болуптур. Бирок азырынча холдинг кагазда гана жашап жатканы болбосо, иш жүзүндө дайыны жок. Учурунда Өкмөт электр энергияны өндүрүү, ташуу жана бөлүштүрүүчү ишканалардын баарын бириктирип турган холдинг – тармактагы коммерциялык жоготууларды азайтып, коррупцияны жеңет деп ишендирген. Бирок, компания узак жылдар бою уюшулган жемкорлукту жоёруна күмөн санагандардын саны артып барат. Жадагалса, "Өкмөт туташкан жемкорлукту жойгондун ордуна, жоопкерчиликти холдинг түзө коюп, ага оодарып жиберди" дегендер да бар.

Холдингди түзүүдө мурдагы энергетика министри Кубанычбек Турдубаевдин да салымы зор дешет. Дегеним, бакыйган министрлик кенедей бир компанияга айланып калышына убагында Турдубаев камчысын катуу чапкан экен. Аны жаңы өкмөт башы Жээнбеков дагы кезектеги бир жыйында ачык эле айтып чыккан бар.

**Саясат талдоочу Нарын Айып** холдинг кандай максатта түзүлгөнүн түшүнбөйт.



Энергетика министрлиги жөнгө сала албай келген тармактагы баш аламандыкты холдинг ирээттерине талдоочунун көзү жетпейт. Анын айтымында, холдинг өзү кошо бара-бара чиеленген коррупциялык системага сиңип кете берет. Анан дагы талдоочу мурдагы энергетика министри Турдубаев жоопкерчиликти тымызын холдингге түртүп жиберип, өзү оңой кутулуп кеткенине таң.

– Жалпылай энергетика тармагын кырк жыл мурун курулган Токтогул ГЭСи кармап турат. ГЭС небак өзүн актап бүткөн. Ал башка кеп. Азыр тарифтер жөнүндө эле сөз кылалы. Учурда электр энергиянын баасы 1 кВт саат 0,77 сом, атайы лимиттен ашса 2,16 сом. Көз карандысыз эксперттер болсо 1 кВттын баасын 0,5 сомго эле баалашууда. Бирок бийликтин эсеби андай эмес. Алардын эсебинде 0,77 сом дагы арзан. Баасын дагы кымбаттатыш керек. Антпесе энергетиктер капчыгын каяктан толтурат? Кредитин ким төлөйт? 2007-2012 жылдар ичинде энергетикалык тармакка миллиарддаган сом бөлүнсө дагы, компаниялар ар убак чыгашада. Ошентип, мамлекетти бага турган жападан жалгыз тармак – энергетика жааты болгону менен ал жемкорлордун пайдасына иштеп келет. Ал эми бийлик аны аныктап, жойгондун ордуна, жаңы холдинг түзө коюп, коррупциялык системанын куйругун жаап жашырып отурат. Тармакта толук реформа жүргүзүлбөгөн соң, холдинг түзүп эмне кереги бар?

## Министрлик чарба иштерине кийлигише алган эмес

"Улуттук энергетикалык холдинги" 5 млн. сом уставдык капиталы менен Кыргыз Өкмөтү түзгөн. Холдингдин алдына төрт бөлүштүрүүчү жана үч энергетикалык компания бириктирилген. Учурда бул мекемеде орточо айлыгы 15 миң сом менен 27 кызматкер иштеп жатат. Холдингге энергетикалык түйүндөрдөгү жоготууларды жыл сайын 1–2 пайызга азайтып, 5 жыл ичинде 9 пайызга чейин түшүрүү планы коюлган. Ал эми тарифти бекитүү вазыйпасын экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясы (Экоинспекция) аткармай болгон.

**"Улуттук энергохолдинг компаниясынын" төрагасы Айбек Калиев** азыноолак жылыштар болгонуна карабай, өлкөнүн энергетика тармагындагы техникалык жана



коммерциялык жоготуулардын абалы оор бойдон калып жатканын белгиледи. «Былтыр жалпы өлкө боюнча техникалык жана коммерциялык жоготуулардын көлөмү 15 пайызды түздү. Бул болжол менен 1,5 млрд. сомдун тегерегиндеги каражат», – дейт ал. Ал эгерде ГЭСтердин агрегаттары менен электр чубалгылары жаңыланса, жоготууларды дагы төмөндөтүүгө мүмкүнчүлүктөр түзүлө турганын кошумчалады.

– Энергохолдингдин негизги максаты – энергетикалык компанияларды бириктирип, үстүнөн башкаруу. Холдингдин түзүлүшү менен энергетика тармагына жалпы бирдиктүү башкаруу саясаты кирет. Азыр бардык компаниялар өз алдынча иш алып барат. Биз алардын ишин оптималдаштырып, кайталанма кызматтарын алып салабыз. Ички резервдин эсебинен бул жылы 100 млн., кийинки жылы 200 млн. сом үнөмдөйбүз. Энергохолдинг тармактагы чарбалык иштерди жөнгө салып туруу үчүн керек. Ал эми энергетика министрлиги-саясий орган болгондуктан, чарбалык иштерге кийлигишкен эмес. Компания башка компанияларды бирдиктүү корпоративдик стандартта башкарат. Бул бирдиктүү стратегия энергетика коопсуздугун камсыздайт. Электрди өндүрүп жана үзгүлтүксүз камсыздап турат. Ошондой эле жоготууларды да 13 пайызга жеткирүү тапшырмасын коюп жатат. Андан тышкары, 83 млн. сомго чукул дебитордук карызды 50 пайызга азайтуу үстүндө иш алып барат.

## Энергетика министрлиги кайра калыптанабы?

Ал арада министрликти "бөйрөктөн шыйрак чыгарып, бекер жойдуңар, аны жойбой туруп эле холдинг түзө берсеңер болбойт беле" дешип министрликти калыбына келтирүү жагына ыктаган саясатчылардын саны өсө баштады. Алардын бири **СДПК фракциясынын депутаты Рыскелди Момбеков**



эстүү өлкөлөр энергетика тармагына башка органдарды кийлигиштирбей, өзүнчө башкаруу системасын түзүп жатса, биз аны түп орду менен жоюп салдык деп сындады.

– Биздин келечек энергетикада деп айтканыбыз менен, иш жүзүндө министрликти жоюп салдык. Ал эми коңшу Казакстанды карап көрөлү, алар Индустрия технология министрлигинен Энергетика министрлигин бөлүп, өзүнчө түздү. Жадагалса, Молдовада энергетика министринин вице-премьер деген макамы бар. Бул жерден энергетика тармагынын орду ат көтөргүс экени көрүнүп турбайбы. Биздин энергобарондордун жасаган кыянаттыгы ушунда жатат. Эң чоң коррупция дагы ушул жерде жатат.

## Чакан ГЭСтердин тагдыры каякка барат?

Мындай кызыл чеке талаш-тартыштар экономиканы өргө сүйрөөчү бирден-бир кирешелүү тармактын башкаруу системасы бузулуп, ачык акционердик коомго айланып калганынан улам келип чыгууда. Анан дагы мамлекеттин кызыкчылыгы көңүл сыртында калып, коррупция жыттанган жагдайлар себеп экени айтылууда.

Бийлик тарап мамлекет акцияга 100 пайыз ээлик кылат деп ырастап келет. Анткен менен айрым эл өкүлдөрү ага ишенбейт. **Депутат Нурланбек Макеев** мамлекет акциянын 80 пайызына гана ээлик кыларын айтат. Андан сырткары холдинг өзүнө ири жана өнүккөн компанияларды эле мүчө кылып алганына наразы.



– Бул холдингде директорлор кеңеши бар. Демек бардыгы ошого көз каранды. Өкмөт "холдингдин 100 пайыз акциясы мамлекетке карайт" деп жалган айтып жатат. Чындыгында холдингдин колунда 80 пайыз эле акция бар, калган 15 пайыз Социалдык фонддуку жана беш пайызы жеке ишкерлердики. Демек бул акционердик коом. Холдинг бир гана келечеги бар, эртеңки күнү ири киреше бере турган компанияларды гана кошуптур. А калган майда ГЭСтердин келечеги кандай болот?

Бирок холдингдин мүчөлөрү мамлекет акциянын 80 пайызына гана ээлик кыларына макул. Анткени жалпы мамлекет энергетика тармагынын 80 пайыздык акциялык пакетине гана ээ. Ал эми калган пайызы жеке жактарга тиешелүү. Мыйзамга ылайык мамлекет алардын үлүшүн тартып ала албайт. Ошондуктан холдинг мамлекетке тийиштүү пайызга ээлик кыла алат.

Натыйжада, энергетика тармагы же министрлик эмес, же холдинг эмес, образдуу айтсак, "иттен жок, же ит байлаган жиптен жок" арабөк абалда калыптыр. Канткен күндө дагы, аталган холдинг койгон максатына жетип, талкаланган тармакты тамырынан бери өзгөртө алса, анда жалпыбыз алакан чаап, маңдай жарылганча кубанмакпыз. Карапайым элге министрлик болобу, холдинг болобу, же компаниябы айырмасы жок. Элге электр энергиясы арзан (өзүнүн чыныгы баасында) жана кычыраган кыш чилдесинде калчылдатпай, "светти" үзгүлтүксүз берип турса гана болгону.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Жаштарга жанашкан аракечтик

**Аракечтик өлкөбүздө күн санап жашарып барат. Ага ылайык кылмыштуулукка аралашкан жаштардын саны да өстү. Бирок, буга ким себепкер? Урунарга тоо, урушарга жоо таппай, булкунуп турган жаштык себепкерби, же жүз жолу оңдолуп, бир жолу аткарылбаган мыйзамдарыбыздын толук кандуу иштебегени себепкерби?**



## Тааныш-билиштин балдарына арак тоскоолдуксуз сатылат

30-апрель күнү тартип сакчылары борбордогу кафелердин биринен мас абалындагы 4 кызды колго түшүрүштү. Патрулдук милициянын берген маалыматына ылайык 102 чалуусуна топтошкон кыздар мушташып жатат деген билдирүү келип түшкөн. Окуя болгон жерге барганда кыздар милициялардан коркмок түгүл, аларды ашата сөгүп, ата-энелери келгенде өкүнүп каларын эскертип жатышты. Жапжаш кыздардын мындай акмакчылыкка барышына ичимдик себеп болуп турганы ачык-айкын билинип турду. Анткени менен алар "Бизди жөн эле кармап кетишти. Өзүбүз тигүүчү болуп иштейбиз. Бош убактыбызда көңүл ачып, ичкенге укугубуз бар" деп актанышты. Деги кандай болгон күндө да, бул окуя жаштарыбыз арасында алкоголдук ичимдиктерди колдонуу өсүп жатканынан кабар берип турат. Баарынан өкүнүчтүүсү, бул азгырыкка болочокто эне болчу кыздарыбыз азгырылып жатканында.

Ушундан улам, өлкөбүздө ичимдик колдонуу мыйзамдары кандай иштеп жатканын текшерип көрүүнү чечтик. Президентибиз алкоголдук ичимдик сатуудагы мыйзамдарга 2015-жылы өзгөртүүлөрдү киргизип, кол койгон. Анда спирт ичимдиктерин саткан ишканалардын жоопкерчилигин күчөтүү, 18 жашка чейинкилерден паспорт талап кылуу, алкогол тууралуу жарнамаларды ММКдан таңкы 7ден түнкү 12ге чейин берүүгө тыюу салуу талаптары камтылган.

Натыйжада биз жашы жете электерге спирт ичимдиктерин сатпоо талабы канчалык деңгээлде аткарылып жатканын билүү максатында 15 жаштагы өспүрүм менен кечке жуук бир канча дүкөнгө баш бактык. Шаар ичиндеги чоң соода дүкөндөрүндө колуна сыра жана вино алып барган жеткинчектен сатуучу дароо эле жашын тактаган документ көрсөтүүнү талап кылды. Ал эми жаңы конуштардагы күркөлөрдө болсо сатуучулар өспүрүмдүн алкоголдук ичимдик алып жатканына маани деле берген жок. Мындай сатуучунун бирине кайрылып, эмне себептен жашы жете электерге ичимдик сатканын сурагыныбызда ал спирт ичимдиктерин алып келүүгө ата-энелер балдарын жиберерин, бербей койсоң кайра өздөрү ачууланып келерин айтып актанды. Ошондой эле кошунанын баласы тааныш болгондуктан конок тосуп жатат окшойт деп берип койгонун айтты. Демек саат кечки ондон кийин спирт ичимдиктерин сатууга тыюу салган мыйзам чоң дүкөндөрдө гана иштебесе, шаар четиндеги кичи соода тармактарында бул мыйзам жокко эсе. Айтмакчы, сатып алган бала аны үйүнө алып барабы, же достору менен сайрандайбы, аны Кудай билет.

## Аракечтик үй-бүлөлүк дарт

Аракечтик көйгөйү азыр көпчүлүк үй-бүлөлөрдүн башында бар. Деген менен буга ата-энелер өздөрү себепкер. Себеби аракечтик бул үй-бүлө оорусу. Эгер үй-бүлө мүчөсүнүн бири ичсе, анын айланасындагылар дагы ооруйт. Мындай синдромду дүйнөлүк психологдор аныктап чыгышкан. Алсак, кайсы бир мүчөсү ичкен үй-бүлөдө бири-бирине болгон кадимки сый мамиле жоюлат. Ошондой эле мамиленин солгундашы ичкен адамдын мүнөзүнө жараша болот. Кээ бирлери тынч жатып алса, кээси сөгүнүп, тополоң салышат. Мындай учурларда айланадагы адамдар стресске учурайт. Атайын изилдөөлөр боюнча ичимдикке берилген адамдын үй-бүлө мүчөлөрү дайым ыңгайсыздыкта, коркунучта жана уялуу абалында болушат.

## Жылына 101 млн. литр алкоголь ичилет

Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму спирт ичимдиктерин көп колдонгон мамлекеттердин тизмесин чыгарды. Ага ылайык Кыргызстан 188 өлкөнүн ичинен 107-орунда. Бул орунду биз жылына 101 млн. литр алкоголдук ичимдикти ичкендигибиз менен ээледик. Ошондо бир кыргызстандыкка 8,2 литр арак туура келет.

Адистер алкоголго берилген адамга мээ шишиги, шал, боор клеткаларынын өлүшү сымал дарттар жабышат деп сайрап келишет. Бирок бул маалымат жарандардын кулак сыртынан кетип жаткандай. Ичкен адамдардын көбү боору жабыркап жаткандыгынан кабардар эмес. Себеби боордо10-15 пайыз эле нерв клеткалар жайгашкандыктан, ооруп жатканы билинбейт. Клеткалар өлүп баштаганда боор чоңоюп, ээзилет. Соңунда жакшынакай эле жүргөн адам күтүүсүз каза табат. Туугандары болсо боору ооруп каза болгонун билбей, ичип жүрүп мүрт кетти деп ойлошот.

## Бардык балээ сырадан башталат

Жаштар аракечтикке сыра ичүү аркылуу берилет. Башында жөн гана суусун кандыруу үчүн ичишсе, кийин ансыз жашоо кыйындайт. Себеби бул алкоголдун эң коркунучтуу түрү. Кыргызстанда сыра көп ичилет. Башында айтып өткөндөй 101 млн. литр алкоголдун 40 пайызын сыра түзгөндүгү тастыктап турат.

Аракечтикке жаштар көңүл ачуу, кызыгуу же болбосо кыстоо жана ооз тийүү менен берилет. Ичкен жаштардын көбү мектеп курагындагылар. Майрамдарда, кечелерде ичип баштаган окуучулар жыйынтыгында аракечтик оорусуна кабылат. Көбүнчө бүтүрүү кечелери спирт ичимдигисиз өтпөйт. Бул кечеге да саналуу гана убакыт калгандыктан шаар мектептеринин биринде психолог болуп иштеген Гүлмира айымга кайрылдык.

– Арак, зомбулук, мушташ сыяктуу иштерди алдын-алуу максатында билим берүү тармагы бүтүрүү кечелерин өткөзүүгө тыюу салган. Эгер кайсы бир мугалимдин классы кече өткөрүп кармалса ал сөгүш алып, атүгүл, иштен айрылышы мүмкүн. Бирок биз балдарды мектеп чегинде гана көзөмөлдөй алабыз. Ал эми ал чектен чыккан соң, алар өз билгенин кылат. Байкуш мугалим бала мектепти бүтүп кеткиче жоопту болот. Анан аттестаттарын тапшырган күнү бир жерге отуруп алып майрамдашпасын деп түнү менен ар кайсы кафелерди текшерип чыгат. Окуучулар ичип, бир нерсе болгон күндө дагы ата-эне мугалимди суракка алат. Психолог катары айтсам, көбүнчө ата-энеси чет жакта иштеген, же баланы көзөмөлгө албагандардын балдары бекерчиликтен ичип баштайт. Анан дагы эркек балдарда намыс деген нерсе бар. "Сен ичпесең эркек эмессиң" дегенге арданып олтуруп эле ичкиликке берилип кетишет.

## Чөйчөктөп отуруп ичкич болуп кетишет

Жаштардын, же болбосо жарандарыбыздын арасында аракечтиктин көбөйүшүнө түрткү болгон бирден-бир себеп бул өлкөбүздө спирт ичимдиктеринин ээн-эркин сатылышы. Адамдарда көбүнчө бир бөтөлкө аракка жеткидей акча жок болгондуктан, арзандыгына карап чөйчөктөгү аракты алып ичишет. Бирок балээнин баары дал ушул чөйчөктөн башталат дейт кезектеги каарманыбыз. Чөйчөктөп ичүүнүн көлөмү демейдеги бөтөлкөлөп ичүүдөн көп болот деди ал. Анын айтымында чөйчөктө чыгарылып жаткан арак маркетингдин бир түрү болуп саналат экен. Адамдар "Бүгүн бир аз ичип токтотом" деген максатта жанагы аракты алып ичишет. Бирок улам аз-аздан ичип олтуруп өзү ичкен көлөмдөн ашып кетет. Демек бардыгы "Бүгүн кичине ичем, анан аракты таштайм" деп жүрүп чөйчөктөгү аракка кантип берилип кеткенин байкабай калышат.

## Арак ичсең камаласың

Ушундан улам "Деги эле бул жинди сууну сатууга өлкөбүздө тыюу салса кандай болот эле?" деген ой кетет. Айтмакчы, аракечтик менен жеңин түрө күрөшкөн мамлекеттерге токтоло кетсек: Финляндияда коомдук жайларда спирт ичимдиктерин сатууга тыюу салып, ичимдик салыгын эки эсе жогорулатып койгон. Ал эми Швеция спирт ичимдиктерин монополдоштуруп, алкоголду кечки саат сегизге чейин сатууну буйруган. Ошондой эле жекшемби күнү бул мамлекеттен спирт ичимдигин такыр таба албайсың. Норвегия, Австралия жогорку мамлекеттердегидей эле чек коюшса, Исландия XX кылымдан тарта сырага толугу менен тыюу салып, учурда ичпеген мамлекет деп айтылат. Араб Эмираты жана Иран, Кувейт, Йемен сыяктуу калкынын көбү мусулман болгон өлкөлөрдө алкогол колдонууга толугу менен тыюу салынган.


Кандай болгон күндө дагы өлкөбүздө алкоголизм маселеси курч бойдон калууда. Ондон кийин сатууга тыюу салынат деген мыйзамыбыз толугу менен иштебейт. Кыязы, ичкилик көйгөйүн мамлекеттик деңгээлде колго алмайын, жакынкы аралыкта бул көрүнүш токтобойт окшойт...

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ



# Чечим чыгаруу үчүн бирөө өлүш керекпи?

Кыргызстанда жаздын келиши менен табыйгат кырсыктары күч алат. Өзгөчө өлкөнүн түштүгүндө жер көчкү менен суу ташкыны калктын үшүн алып бүттү. Ага карабай эл кооптуу аймактарда жашоосун улантып келет



### Жер көчкү өспүрүмдүн өмүрүн алды

Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Кызыл-Туу айыл аймагынын Алмалуу-Булак айылындагы өспүрүмдүн өмүрүн алган жер көчкү элдин эсин чыгарды. 27-апрелде кечке жуук айылда жүргөн көчкү кооптуу аймакта жашаган эки өспүрүмдү басып калып, бирөөсүн жергиликтүү эл куткарып калууга жетишкен. Экинчиси 15 жаштагы Эрлан Урматбек уулу жер астында калды.

Көкүрөгүнө чейин басып калган көчкүдөн эл чыгарууга жетишип калган балдардын бири Мирбек Айталиевдин айтуусунда, балдар көчкү жүрө турган жердин түбүндө үйдүн кашаасын оңдоп жүрүшкөн.

Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маалыматында, ошол күнү алгач саат 17:30дар чамасында 100 миң куб метр жер түшкөн. Жарым саат өтпөй бир жарым миллион метр куб жер көчүп, айылдагы алты үйдү жайпап салган.

### Көчүш керек, бирок кайда?

Кызыл-Туу аймагынына караган Ачы зонасы колоттун ичинде жайгашкан. Эки тарабы адыр, ортосунан бир жол кетип жолдун эки тарабында эл жашайт. Аймактын өзгөчө тескей тарабы өтө кооптуу. Көчкүнүн көбү ушул тараптан келип, аралык тар болгондуктан айылды толук басып калуу коркунучу бар.

1994-жылдагы жер көчкүдөн кийин аймак кызыл тилкеге киргизилип, Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин (ӨКМ) адистери «Жашоого болбойт» деп бүтүм чыгарышкан. 22 жыл мурда бир убакта 13 адамдын өмүрүн алган кырсыктан кийин аймактын элин коопсуз жайга көчүрүү чечими кабыл алынган. Мамлекет жашоочуларга коопсуз аймактан турак-жай салууга жер тилкесин берип, үй салууга ссуда да берген. Ошондой эле чаканыраактан үлүш жерлери да бөлүнгөн. Натыйжада, Ачы зонасындагы алты айылдын эли төмөнкү зонага көчүрүлгөн. Бирок жогоруда айтылгандай айылдын бир тарабы кооптуу делип көчүрүлсө, күңгөй тарабын көчүрүү боюнча чечим кабыл алынган эмес. Мисалы, Ачы зонасындагы кырсык болгон Алмалуу-Булак айылынан кийинки Соку-Таш айылынын жарымы кызыл сызыкка кирбей, коопсуз аймактан үй салууга жер берилген эмес. Айылда калгандар үчүн деп мектеп, фельдшердик-акушердик пункт иштейт.

Соку-Таш айылынын тургуну Маданбек Жумабаевдин айтуусунда, 1994-жылы эл көчкөндө айылдагы 47 үй ал тизмеге кирбей калган. Жер тартыштыгынан улам жыйырма жыл мурда көчүп кеткендердин балдары чоңоюп, кайра мында келип жаныдан үй салып, же эски үйлөрүн оңдоп-түзөп жашап жаткандар көп.

Ошол эле маалда үйүнүн мандайында жер көчөт деп айтылса да, «Кудай сактасын» деп жашап жүргөндөр, же мамлекет кайра жер берсин дегендер да жок эмес.

Жергиликтүү бийлик болсо жер тилкеси жетишсиз экенин айтып келет. Коопсуз аймакта жашагандар башка жактан келгендерди «келгиндер» дегендей жактырышпайт. Албетте, аларды деле түшүнсө болот. Анткени түз аймактан буларга жер берилсе, алар айдап келген эгин талаалары кыскарып жатпайбы. Өзгөчө кырдаалдар министрлиги «Жашоого болбойт, көчкүлө» - деп эскертүүлөрүн тынбай берип келишет. Алмалуу-Булактагы кырсыктын алдында да ӨКМ адистери келип, көчкү түшүү коркунучун айтып кетишкен. «Алдын-ала эскертүү болбогондо жоготуу көп болушу ыктымал эле», – дейт мекеменин басма сөз катчысы Абдишарип Бекилов.

27-апрелдеги кырсыкта жер астында калган баланын туугандары, топурак басып калган алты үйдүн ээлери да мындан 22 жыл мурда коопсуз аймакка көчүрүлгөн. Бирок жаздын келиши менен эски ата-журтуна кайра көчүп келип, короолорун оңдоп, үлүш жерлерине эгин эгип, мал жайып жүрүшкөн.

### Чечим чыгаруу үчүн бирөө өлүш керекпи?

Бир топ жыл тынч турган аймак 2015-жылдан бери кайра активдешип, жер көчкү кооптуулугу пайда болду. ӨКМ адистери ал жерлерге барып, тургундарга түшүндүрүү иштерин жүргүзүп келишет. Ошол эле маалда кырсыктын алдын-алуу, же бузулган жер кыртышын калыбына келтирүү боюнча ӨКМ былтыр иш-чараларды жүргүзүп баштаган. Бадал көчөттөрү жарака кеткен жерлерге тигилип, тосулган. Адистер көчкүдөн адам өмүрүн сактоо үчүн жарака кеткен жерлерди атайылап замбирек менен аттыруу керек дешет. Бирок ал көп каражатты талап кылынаары айтылып келет.

Кандай гана болбосун баарынан адам өмүрү жогору. Адам жашоосу эч бир акча менен эсептелбейт эмеспи. Бүгүнкү күнү ӨКМнын маалыматында 76 үй-бүлө коопсуз жерге көчүшү керек. Жалал-Абад облусунда миңден ашык үй-бүлө кооптуу аймакта жашайт. Жыл башынан бери Ачы аймагында эле төрт ирээт көчкү жүрдү.

Жалпы Кыргызстан боюнча 3000ге жакын үй-бүлө коркунучта күн кечирип келет.

БУРУЛАЙ ПУСУРМАНКУЛОВА

# “Чындык болбосо Сариев кетмек эмес”

Депутаттардын өз көмөчүнө күл тартып жүргөндөрү толтура. Бирок, кимдин-ким экенин билүү үчүн суроо узатып турбасак да болбойт экен. Жогорку Кеңештин депутаты Тиллаев Табылдыга бизди кызыктарган суроолорду берип, жооп алдык

– Туура эле болду деп ойлойм. Парламенттик башкарууга өткөндөн бери бир дагы партия өзүнө жоопкерчилик алган эмес. Учурда бийликке Президенттен тартып КСДП партиясынын адамдары келе баштады. Эми мамлекетте болуп жаткан жакшы-жаман иштердин бардыгын КСДП партиясы мойнуна алышы талап кылынат. Эгер өлкөбүздө бир нерсе болуп кетсе алар жооп берет. “Жөжөнү күзүндө санайт” деп коюшат ко. Эми күзүндө көрөбүз КСДП партиясынын кандай иштегенин. Ошондо парламент да, эл да өз баасын берет.

**– Балыкчы-Корумду жолунун чыры боюнча түзүлгөн комиссия Жогорку Кеңеште отчет берди. Депутаттар арасында ар кандай ойлор айтылды. Экс премьер министр Темир Сариев ММКларга “Мени жыйынга чакырышса болмок. Мен көп нерсени айтып бермекмин” деп айтыптыр. Чындыкты угуудан коркуп жыйынга чакырылбай калган жокпу?**



– Бул жерде корко турган эч нерсе жок. Чындык айтылгандыгы үчүн Темир Сариев өз каалоосу менен отставкага кеткен. Чындык болбогондо Сариев жумушунан кетмек эмес. Тендерде одоно мыйзам бузуу болгонун бардыгы мойнуна алды. Аргынбек Малабаев “Мен жумуш бөлмөмдө отурганыма карабай орун басарым шашылыш тендер өткөрүп, бардык документтерге кол коюп салган” деп айтып жатат. Кептин бардыгы тендердин тез арада өткөнүндө болуп жатат. Укук коргоо органдары бул чырды так, далилдеп айтат деп ишенем.

**– Аймактарда курулган мектептер дубалы тургузулгандан кийин 5-10 жылдап туруп калат. Ал аралыкта мектептин дубалы урап, жарактан чыга баштайт. Курулушту тездетсе болбойбу?**

– Биз депутаттар салынып жаткан мектептерди толук бүтмөйүнчө, бюджетке жаңы мектеп курууну киргизбейбиз деп сүйлөштүк. Кыргызстандын аймактарында кээ бир мектептер курулуп баштап, 5-8 жылдап бүтпөй туруп калгандары көп экен. Ал мектептер бузулуп, жок болбошу үчүн курулуш иштерин аягына чыгарышыбыз керек болуп жатат. Мектептердин бүтпөй калуусуна ар кандай себептер менен кээ бир депутаттардын кызыкчылыгы болгон. Анткени шайлоо алдында шайлоочуларына мектеп курдуруп берүүгө сөз берген. Сөзүн аткаруу үчүн элди алдоо жолу менен убактылуу алаксытуу максатында мектептин курулуш иштерин баштатып коюп, токтотуп коюшкан. Мына ошонун кесепетинен курулуп жаткан мектептердин сапаты да начар болуп баратат. Анткени мектептин фундаменти, дубалы эскирип бүткөн. Ал мектептерди аягына чыгарууда кыйынчылыктар болуп жатат. Бузулган дубалды кайра ордуна келтирүү бир топ каражат жана кошумча жумуш күчүн талап кылат.

**– Эл арасында “коррупциянын төрү Жогорку Кеңеште” деген сөздөр айтылып келет. Калк айтса, калп айтпайт эмеспи. Сиздин оюңуз кандай?**

– Биз бардык артыкчылыктардан баш тарттык. Коррупциянын элементтери бар жерлерди текшерип, анын үстүнөн иштеп жатабыз. Аны “Балыкчы-Корумду” жолунун салынуусундагы мыйзам бузууну аныктап, элдин назарына салганыбыздан билсе болот. Бул биздин коррупция боюнча жасаган алгачкы жыйынтыктуу ишибиз. Жаңы депутаттардын келгенине болгону 6 ай эле болду. Буюруса, дагы көптөгөн коррупциялык иштердин бети ачылат. Элге пайдасы тийген иштерди жасоо – ар бир депутаттын мойнундагы милдет.

ЖАЗГҮЛ КЕЛДИБЕКОВА

# Биринчи адал "Макдональдс" 1995-жылы Иерусалим шаарында ачылган

Азыркы күндө студенттер эле эмес, чоң-чоң эле адамдар шам-шумга (фастфуддарга) көп кайрылышат. Эмесе бүгүн так ошол дүйнөгө белгилүү МакДональдс (McDonald*s) компаниясы тууралуу сөз кылсак...


XX кылымдын 40-жылдары Мак жана Дик Мак Дональд аттуу бир тууган ага-ини Калифорния штатынын Сан Бернардино шаарында кичинекей ресторан ачышкан. Алгач алардын ресторандары жылына 200 миң доллар киреше алып келген. Бирок шаарда андай ресторандар көбөйгөндүктөн, иш начарлай баштайт. Ошого жараша киреше да төмөндөйт. Эки бир тууган ары ойлонуп, бери ойлонуп отуруп, оор кырдаалдан чыгуу үчүн ресторандын сырткы көрүнүшүн өзгөртмөй болушат. Ошентип 1948-жылдын декабрында жаңы Макдональд ресторани ишке киришкен.



Алгачкы персонал

## Жаңы тартип жаңы киреше

Алар өзүн-өзү тейлөө системасын киргизүү менен ашканадагы массалык кызматты кыйла өзгөртүшкөн. Натыйжада гамбургердин баасы 30 центтен 15 центке чейин түшкөн. Мындай көрүнүш Калифорнияда али болгон эмес. Буга чейин кардарлар ресторанга келип, бош столго отуруп, официантка буйрутма берчү. А бул жерде баары өзгөчө тартип менен иштейт. Менюда 10 гана түрдүү азык: гамбургер, чизбургер, алкоголдук эмес үч түрдүү ичимдик, сүт, кофе, пирожки, чипси жана фри. Баалар да алгылыктуу болуп, элге жакты. Көп өтпөй ага-ининин кирешеси жылына 350 миң долларга жогорулайт. Алар жөнүндө бүт Калифорнияда сөз болуп, газета-журналдарга жазышкан. Бирок алар ашыкча бизнеске деле умтулушчу эмес. Ушул күнкү турмушубуз деле бизди өлтүрбөйт дешчү. Жөн гана тынч жашоо алардын эңсеген максаты эле.




Биринчи Макдональдс

## Жаңы идея жаңы ресторан

Мак жана Дик Мак Дональддар өздөрүнүн ресторанында коктейль жасоо үчүн мультимиксерди колдонушкан. Ал агрегаттарды аларга Рей Крок жеткирип берчү. Бир күнү ал ресторанга кирип, жаңы киришүүлөрүн көрдү да, оюна жаңы идея келди. "Мындай система дүйнө жүзүнө тараш керек!" – деди ал кубанычтуу. Ошентип Рей Крок бир тууган ага-инилерге бизнесин кеңейтүү сунушун киргизип, тармактык ресторан түзүүнү сунуштайт. Бирок, байлык-бийликке анча деле умтула бербеген ага-ини анын пикирин колдогону менен өздөрү алектенүүгө батынбай коюшту. Айласы кеткен Крок оюн ишке ашыруу үчүн өзү даяр экенин билдирди. Натыйжада, 1955-жылы Иллинойс штатынын Дес-Плейнз шаарында Рей Крок да өзүнүн биринчи McDonald*s ресторанын ачты.



Макдональдсды дүйнөгө таанытқан Рей Крок

## Идея үчүн 0,5 пайыз

1960-жылы компаниянын аты "McDonald*s Corporation" деп өзгөртүлгөн. Бирок ар бир ресторанга өз-өзүнчө франшиза сатылып турган. Ошол сатып алган ресторандар ар ай сайын "Макдональдс Систем Инкке" кирешесинин 1,9%ын, анын ичинен 1,4%ын Рей Крокко, ал эми калган 0,5%ын Макдональддарга (идеясы үчүн) төлөп турушу зарыл болгон. Алгач бизнесмендер фастфуд тармагына ишене алышпай, коркуп турушту. Бирок бир жолу журналист Сэнфорд Агете алардын фастфудунан даам таткан соң, ресторандын кирешеси жогорулаган. Андан кийин иштер ийгиликтүү жүрүшө баштаган.

## Миллиарддык гамбургер

1961-жылы Рей Крок МакДональд компаниясын бир тууган ага-инилерден 2,7 млн. долларга сатып алмай болгон. Бирок, өзүндө мынчалык акча жок болгондуктан, кредит алууну чечкен. Бирок ага кредит беришкен эмес. Себеби бизнесинин өнүгүп кетишине ишенишкен жок. Кийин финансист Гарри Зонненборн менен "Франшиза Истейт" компаниясын ачышкан. Ошол компаниянын артынан чоң келишимдерди түзүп, иштерди жүргүзгөн.

1965-жылы АКШ да 700дөн ашык ресторан иштеп, миллиарддык гамбургер сатылган. 1966-жылы Макдональдс акциясы Нью-Йоркто болуп көрбөгөндөй биржада бааланган.

## Ийгиликтин формуласы

АКШда жогорку деңгээлде 1967-жылы биринчи Макдональдс ресторанын ачышкан, андан кийин Канадада ачылып, ортодо жарышуу башталган. Азыркы күндө Канадада 1000ден ашык Макдональдс ресторандары бар. 1992-жылы канадалыктар биринчи болуп "Макдональдстын" менюсуна пицца киргизишкен.



Алгачкы компаниянын талисманы Рональд Макдональд

Карибадагы жана Нидерланддагы бир канча кризистерден кийин АКШда ийгиликке жеткен иш, бардык жерде жетет деп алдыны көздөй жылды. Бизнесте жакшы даярдыгы бар, күчтүү жергиликтүү партнер, салттуу меню "Макдональдс", максаттуу иштер – мына ийгиликтин формуласы.

## Дүйнөлүк ийгилик

Ийгиликке жеткен эң алдыңкы мисалдардын бири – Япония. Там Ден Фуджита аттуу сумка, кийим жана бут кийимдерди импорттогон компаниянын ээси 1971-жылы "Макдоналдс" менен өнөктөш болот. Фуджита 1971-жылы 20-июлда Токиодо өзүнүн биринчи чакан ресторанын ачкан. 1993-жылдын аягында "Макдональдс" Японияда көптөгөн ийгиликке жетишкен. Баш-аягы 2300гө жакын ресторан ачылып, кирешеси эки эсеге көтөрүлгөн.



Араб өлкөлөрүндө аялдарды өзүнчө тейлейт

Ошондой эле 1971-жылы Германияда жана Австралияда алгачкы ресторандар ачылган. Бүгүнкү күнү Германияда 600дөн ашык, ал эми Австралияда 635ке жакын ресторан бар. Францияда жана Англияда Макдональдс ресторандары 1970-жылдын башында ачыла баштаган. Азыр алардын саны Францияда 625, Англияда – 700дөн ашык.

Канада, Япония, Германия, Франция жана Англия "Макдональдстын" чет өлкөдөгү кирешесинин 80%ын камсыз кылат. "Макдональдс" ресторандары мындан башка өлкөлөрдө да ачылган. 1997-жылы иштин жүрүшү 10752 ресторанды көрсөтүп, 108 өлкөдө 16,5 миллиардды түзгөн.

## 1 жылда 15 млн. киши

Ресторандардын чет өлкөлөрдө ачылышы ар түрдүү кызык окуялар менен коштолду. Мисалы, 1990-жылдын 31-январь суук күнүндө Москвадагы биринчи "Макдональдска" 30000 ден ашуун киши кезекке турган. Буга чейин бир да ресторан бир күндө мынча кардарды тейлеп көргөн эмес.

Көп өтпөй орусиялык жумушчулар күнүнө 40 000ден 50 000ге чейин кардарларды тейлеп баштаган. Бир жылда да ресторанда 15 млн. кишиге кызмат көрсөтүлгөн.

"Макдоналдс" ресторанды Пекинде 1992-жылы 23-апрелде ачылган. Аны бул жерде да Москвадагыдай алгачкы күндөн тартып, ийгилик коштогон. Жыйынтыгында 5 жыл бирге иштешкен "Макдоналдс" жана General Corporation of Beijing Agriculture, Industry and Commerce корпорациясы жергиликтүү фермерлер менен байланыш түзүп, ресторандын бардык муктаждыктарын камсыздаган.



Иерусалимдеги Макдональдс

Жаңы рекорддор: Польшада 1992-жылы эки ресторан ачылган. Кийин Варшавада буйрутманын саны 13304тү түзгөн. Дүйнөнүн ар тарабында: Чехияда, Чыгыш Германияда, Венгрияда жана Словенияда тынымсыз өнүккөн.

## Индияда уйдун эти колдонулбайт

Жакынкы Чыгышта биринчи ресторан Тель-Авивде 1993-жылы ачылган. Кийин Сауд Аравияда, Оманда, Кувейтте, Египетте, Бахрейнде, Араб Эмираттарында жана Катарда узакка созулган өнүгүү пландары түзүлгөн.

Жергиликтүү ишенимдерди урматтоо менен "Макдоналдс" ресторандары араб өлкөлөрүндө тамактарды Ислам эрежелери менен даярдап, өзгөчө малдын этин колдонушат. Биринчи адал "Макдоналдс" 1995-жылы Иерусалим шаарында ачылган. Аларда сүт азыктары сунушталбайт. Ишемби күндөрү иштебейт. Индияда Биг Мак кой этинен жасалат жана ал сендвич Махараджда Мак деп аталат.

Материалды даярдаган АЙНАГҮЛ КУДАЙБЕРДИЕВА

# Бекер олтуруу мен үчүн азап

«Азыр Америкага барып окуп келсемби деп ойлоп жүрөм. Буюрса, пландаган иштерим, документтерим жакшы болсо барып келем” деп жашоого үмүттүү, жигердүү карап, өзү эле эмес жакындарын да татыктуу жашатканга аракет кылган, эки көзү азиз Назира Илимказиеванын омоктуу ойлору, маңыздуу жашоосу окурмандар үчүн пайдалуу болот деп ишенебиз

## Туура эмес антибиотиктерден көрбөй калгам

Көз оорум 3 жашымда башталган. Врачтар туура эмес диагноз менен дарылай берип, көзүмдү биротоло бүлдүрүп салышты. Ошону менен көзүмдү бир күндө жоготпой, кичине-кичинеден жогото баштадым. Меники жөн эле диатез болчу. Врачтар туура эмес диагноз коюп, туура эмес антибиотиктерди бере берип, 5 жашымда көрбөй калдым.

## Тарыхчы, географ болууну каалар элем

“Азиздер жана чала көргөндөр” мектебин бүткөм. Окуу жайга өтө албай койдум. Анткени өзүмө ылайык факультет тапкан жокмун. Өзүм тарыхчы, географ болууну каалачумун. Атам болсо юрист болосуң деп жүрдү. Окуу жайда окубай калышыма биринчиден көзү көрбөгөндөргө ылайыктуу китеп жоктугу, экинчиден элдердин мамилеси себеп болду. “Сен кантип окумак элең? Окуй албайсың” деген сөздөрү да артка тартып койду окшойт.

## Жаман сөз айтып, түртүп ийип жүрүштү

Мен мектепте көп кыйынчылык көрдүм. Жаман сөз айтып, түртүп ийип жүргөндөр болду. Ошол убактарда “Ким менен жашайм, ким мени бастырып, ээрчитип жүрөт, мындан кийинки жашоом кандай болот” деп көп ойлончумун. Мектепти бүткөндөн кийин деле ата-энеме, бир-туугандарыма, жакындарыма, досторума чалып “Мени бул жакка жеткирип койчу” деп айткан күндөрүм болгон.

## Окууга жеткиргендерге акча төлөп берип жүрдүм

Мектепти бүткөндөн кийинки окуумду компьютердик курстан баштадым. Ал кезде окууга жеткиргендерге акча төлөп берчүмүн. Өзүм акча таап иштебесем, сабакка алып баргандарга акча төлөө дагы кыйынчылык жаратты. Өмүр бою эле бирөөгө акча төлөп жүрмөк белем? Ошентип өзүм жолдо жүрүүнү үйрөнүүгө аракет кыла баштадым.

## Эч бир адамдын коштоосу жок жолго чыктым

Бир жолу эч бир адамдын коштоосу жок, өзүм жалгыз жолго чыктым. Көп кабаттуу үйдө жашачубуз. Ошол үйлөрдүн астына, дүкөндөргө, аялдамаларга баса баштадым. Китепкана жакын болчу, ага барып, акырындап өзүм жалгыз басууга үйрөндүм. Ошентип компьютердик курсту бүтүп, англис тил курсуна каттап калган учурум.



**Күнү:** Бир күнү бир күнүнө окшошпойт
**Кийимди:** Өзү тандайт (түстүү жана ачык эмес кийимдерди алат)
**Үчүрда:** 1 уулдун энеси
**Уулу:** Кыргыз-түрк мектебинде 2-класста окуйт
**Жолдошу менен:** Кызганычтан улам ажырашкан
**Баласынын:** Ойногонго убактысы жок

## Өзүм билбеген даректи да таба алам

Биздин көчөдөн 11-троллейбус каттайт. Ага түшөм да, окууга жетерде курбумду тосуп ал дечүмүн, ал тосуп алчу. Бир жылча адашып кыйналып жүрдүм. Сабактан кайтарда сөзсүз өзүмдүн аялдамамдан өтүп кетчүмүн. Кийинки аялдамадан түшүп калып, үйгө жөө келип жүрдүм. Ошентип акырындап үйрөнүп олтуруп, азыр мен билбеген даректи айтса дагы издештирип таап барып калган учурум. Жок кире берсем автобус, троллейбустар албайт. Кээ бир мени тааныган маршрутчулар да албайт.

## Бекер олтуруу мен үчүн азап

Кээде адамдар жаман айтып койсо, “алар мени түшүнбөйт да, балким кийин түшүнүшөр” деп ойлоп калам. Чынында адамдар “Жөн кой. Жасабай эле койсоң болот, чарчап каласың” десе мага эч жакпайт. Эч тыным албаган адаммын. Бекер олтуруу мен үчүн азап. Жок дегенде идиш жууп, үй жыйнап, балдарды карайм (күлүп). Буларды да бүтүрүп коюп, бош болуп баратсам интернетте олтурам. Ар кандай мага керектүү маалыматтарды, китептерди, жок эле дегенде акыркы жаңылыктарды окуйм.

## Тарых китептерди кызыгуу менен окуйм

Учурда тарых китептерди аябай кызыгуу менен окуп жатам. Себеби атам тарыхты аябай кызыктырып, ошол окуялардын бир каармандары кылып айтып берет. Ошондуктан азыр орусча тарых китептерин окуп жаткан учурум. Көп учурда электронный вариантын флешкага көчүрүп келип окуган күндөрүм болот.

## Жашоомдо пайда болгон жапон агай

2011-жылы жапон тилин үйрөнө баштадым. Негизи мага тил үйрөткөн жапон байке биздин китепканага келип жүрчү экен, бирок аны мен билчү эмесмин. Анан бир тааныш байке «Китепканага биз менен бирге иштеген волонтёр жапон келип жүрөт. Сен да келип биз менен сүйлөшүп, пикир алышып окусаң болот” деп айтып калды. Ал кезде мен жапончо билчү эмесмин. Көрсө, ал жапон жалаң көзү азиздер менен иштешет экен. Ошентип анын колунда тил үйрөнүү үчүн окуп калдым. Убакыттын өтүшү менен ал экөөбүз жапончо, англисче, орусча сүйлөшүп калдык. Учурда “Сүрөт тартуу” курсун да окуп бүттүм. Буюрса сүрөт тартсам деген да максаттарым бар.

## Жапониядан билим алып кайттым

Жапон тилин бир жыл окугандан кийин курбум экөөбүз “Жайканын” (JICA) атайын майыптар үчүн программасы бар экен, ошол аркылуу Жапонияга окууга барып келдик. Ага баруу үчүн да документтерди тапшырдык. Өтсөм өттүм, өтпөсөм жок деп гана берип койгом. Кийин ускам өтүп кетипмин.

## Жапон майыптардын жашоосун туюп келдим

Окуумду Жапониядан каржылап беришти. Ал жактан проект жазганды үйрөндүм. Майыптардын, баспагандардын, көрбөгөндөрдүн кандай жүрүшөөрүн, кандай иштээрин, жашоосун жан дилим туюп келдим. Ал жакта майыптар үчүн атайын жолдор бар. Бассаң одур-будур болуп билинип турат. Түптүз баратып жолдор тоголок-тоголок болсо оңго, же солго бурулуш керек. Эгер ошол жолдон көзү көргөндөр басып калса айыппул төлөшөт. Себеби бардык көзү азиздердин жолдоруна камералар жайгаштырылган. Бийик кабаттуу үйлөргө кирип-чыгууда да аябай ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Баары адам түшүнгүдөй ыкмада салынган.

## Досторумдун көбү чет өлкөлүктөр

Аялдамада унаа күтүп турганда кээ бир адамдардан сурап калам. Алар орусча акцент менен жооп бере баштайт. Ошол сүйлөгөнүнөн эле орус эмес, чет элдик экенин билем. Анан англисче сүйлөп баштасам алар да таң калып, жакындан таанышып, достошуп кетебиз. Өзгөчө азыр англис тили аябай керек. Социалдык тармактын баарында олтурам. Ал жерде да досторумдун көбү япон, орус, же башка чет элдик достор.

## Америкага баруу аракетинде жүрөм

Азыр Америкага барып окуп келсемби деп ойлоп жүрөм. Буюрса, аябай күтүп жатам. Пландалган иштерим, документтерим жакшы болсо барып келем деген ойдомун. Мындан тышкары Италия, Германия, Беларусияга, Африка өлкөлөрүнө барып келсем деген да тилектер бар. Сөзсүз эле билим алуу эмес, балким жер көрүп, эл көрүп келсем дейм. Бирок негедир Америкада жашагым келет.

## Атам Швецарияга алпарып келсең деп көп айтат

Мурда ата-энем мени окуп кетет, илим-билим алат, Жапонияга барып келет деп ойлогон эмес. Жапонияга барганда апамды да кошо ала баргам. Өзүм эле эмес, мени жарык дүйнөгө алып келген апамдын да Жапонияны көрүп келүүсүн кааладым. Атам болсо “мени Швецарияга алпарып келсең” деп көп айтат. Буйруса бир эле өлкөнү көргөзбөй, колуман келсе бардык өлкөнү көргөзсөм дейм. Саякат кылган киши көп нерсени таанып, көп нерсени билип калат экен.

## Окурманга кеңеш

Эч качан көңүл чөктүрбөгүлө. Бир иш жасасаңар ар дайым жүрөктөн жасагыла. Эч качан жасай албайм деп айтпагыла. Жасайм десеңер эле сөзсүз жасай аласыңар. Баардыгы өз колуңарда.

Бетти даярдаган:
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Ислам өлкөлөрү: көйгөйлөр жана үмүттөр

Мүмкүнчүлүктөрү зор болгону менен баш оорута турган көйгөйлөрү да арбын болгон мусулман өлкөлөрү өз киндигин өзүлөрү кесмейинче, бөтөн бирөөлөр келип бул опол тоодой маселелерди чечип бербейт

## Ислам өлкөлөрү барбы?


Канчалык «ислам өлкөлөрү» же «ислам дүйнөсү» деп айтылса да, бул сөз көбүнесе чындык менен айкалыша бербейт. Себеби Ислам өз баалуулук принциптерин Куран жана Пайгамбардын осуяттарына таяган ишеним жолу. Ал эми Ислам өлкөлөрү деген сөздү ошол баалуулук принциптери менен жашаган жана башкарылган өлкө деп түшүнүшүбүз керек. Бирок азыркы ислам өлкөлөрү жогорку критерийлерге дал келет деп айта албайбыз. Аларды окумуштуулар түзгөн «исламдык өнүгүү индекси» менен өлчөгөндө алдыңкы делген 50 өлкөнүн катарына бир дагы мусулман өлкөсү кирбей калган. Ошондуктан биз учурдагы ислам өлкөлөрүн ислам динин карманабыз деген мусулмандар түзгөн мамлекеттер деп билишибиз керек. Башкаруу системасы жагынан алсак, бул ислам өлкөлөрү орток же окшош болгон бирдей өлчөмдөрдү тутунбаганын көрөбүз. Учурдагы элинин көпчүлүгүн мусулмандар түзгөн 57 мамлекеттин 13ү светтик, 13ү шарият укугун негиз кылып алган. Калгандары болсо үй-бүлө маселелери боюнча ислам укугун негиз кылган, калган маселелерин светтик укукка негиздегени көрүнүп турат.

## ИКУнун башкармасы келди

Көпчүлүгүн мусулмандар түзгөн өлкөлөр Ислам кызматташтык уюмуна (ИКУ) киришет. ИКУ 1969-жылдын сентябрь айында Марокконун Рабат шаарында түзүлгөн. Анын түзүлүүсүнө Church of God аттуу диний уюмдун мүчөсү Денис Рохан деген христиандын Палестинадагы ыйык Акса мечитин жардыруу далалаты себеп болгон. ИКУ алгач Ислам конференция уюму деп аталган. 2011-жылы гана мүчө өлкөлөрдүн Тышкы иштер министрлеринин катышуусу менен Казахстанда өткөн жыйында азыркы атын алган. Учурда 57 мүчөсү бар. Уюмду азыр Ияд бин Амин Ал-Мадани жетектеп келет.

1-2-май күндөрү мусулмандардын ушул көзгө басар уюмунун жетекчиси Ияд бин Амин Ал-Мадани бир нече жардамчысы менен өлкөбүзгө зыяратка келди. Ал Кыргызстанга алгач ирет келиптир. Мындан мурда чөлкөмүбүздөгү башка өлкөлөрдү зыярат кылган башкармабыз Казахстанда өткөн жолугушуулардан кийин Кыргызстанга тийип өтүүнү өзү талап кылганы маалым болду. Апрелдин башында 70 жашка кирген Ияд мырза көрөгөч экен. Бардык мусулмандардын башын кошкон абройлуу уюмдун башында туруп, ылдый-өйдөсүнө карабай демократиянын аралчасы атыккан өлкөбүзгө келбесе, көкөйгө жеткенде хандарын айдап жиберүүдөн кайра тартпаган элин тааныбаса Борбордук Азияны багыттап баш-көз болуусу кемтик болуп калмак.

Ажобуздун, жаңы шайланган спикерибиздин жана тышкы иштер министрибиздин да кабыл алуусунда болгону, убактысы тар болсо да көп иш бүтүрүүгө белсенип келгенин далилдейт. Муну менен гана чектелбей башка бир катар жолугушууларда болуп, ишкерлер менен да баарлашканы маалым болду. Меймандос кыргыздын сыйын көрүп тоосунун абасынан кере дем алып, Ала-Арча капчыгайынан аскалуу тоолорун термелип карап чыгыптыр. Чынында эле, Кыргызстанды жана кыргыз коомун жакындан таанууга ынтызар экен. Шаарды да унаа менен бир айланып карады дейт. Өзү АКШнын Аризона университетин бүтүргөн, Сауд Арабияда Маданият жана Ажылык министрликтерин көп жылдар бою жетектеп келген тажрыйбалуу ишмер көптү байкады болуш керек.



## ИКУ өлкөлөрүнүн үч көйгөйү

Ажобуз ИКУнун алкагында Кыргызстан менен кызматташуунун маанилүү жагдайлары, коопсуздук жана учурдагы коркунучтар менен орток күрөшүү тууралуу сүйлөшкөнүн расмий агенттик билдирди. Албетте, чара көрүлө турган жана чечүүгө биригип бел байлачу маселелер арбын. ИКУга мүчө өлкөлөр арасында да, өз ара да маселелер арбын. Бул уюмга Орто Чыгыш жана Борбордук Азиядагы мунай-газ ресурстарына бай өлкөлөрдүн дээрлик бардыгы кирет. Дөө-шаа мамлекеттердин Орусияга каршы киргизген санкциялары экономикасынын негизин мунай жана газ түзгөн бул өлкөлөргө да кесепетин тийгизип турган чагы. Даяр кара алтынга бай ислам өлкөлөрүнүн экономикасы мунайдын баасынын төмөндөөсүнө даяр эмес экендиги билинди. Себеби алардын мунай чыгаруудан башка өндүрүшү дээрлик жокко эсе. ИКУга мүчө 57 өлкөнүн экономикалык күчү жалгыз Германияга да жетпей турганы эле көптү түшүндүрөт. Ошондуктан ИКУ мамлекеттеринин соода-сатыктын көлөмүн көтөрүү максатында биригип иштешүү мүмкүнчүлүгү бар.

Бирок биригүүгө ИКУга мүчө өлкөлөрдүн өз ара бөлүнүп-жарылуусу кедергисин тийгизип келет. Эзелтен бери ырбап келген саясий маселелердин кээде себеби, кээде натыйжасы болуп келген шииттер жана сунниттер ортосундагы бөлүнүүсү ээнди кейитет. Уюмга мүчө Иран шииттердин баш өлкөсү болсо, ага атаандашкан Сауди Арабистан өлкөсү суннийлердин аталыктарынын бири. Мындай тирешүү Орто Чыгыш аймагындагы коогаландарды да алоолонтуп келет. Шиит-сунний болуп бөлүнүүнүн айынан Йеменде кагылышуулар, Сирияда 2011де башталган коогалаң, чоң күчтөрдүн кийлигишүүсү менен күчөп отуруп глобалдуу маселеге айланып отурат. Өлгөндөрдүн саны жарым миллиондон эбак ашып кеткен болсо, үй-жайсыз көчөдө калгандар бир нече миллион. Бир гана Түркияга Сириядан үч миллион качкын кирген. Ал толкун Европага да катуу эпкинин тийгизип келет. Бул кагылышуулар ислам өлкөлөрүнүн арасында болуп жаткандан кийин, эң оболу ИКУ бул маселеге баш катыруусу абзел.

Үчүнчү жана эң маанилүү маселе бул террорчулук. Исламга жамынып, уялбай өзүн "Ислам мамлекети" деп атап алган канкор-жанкечтилер бүт дүйнөнүн үрөйүн учуруп турганы жалпыга маалым. Бул көйгөй дүйнөнүн ар бир мамлекетинин коопсуздугу, бейпилдиги жана ырааттуу жашоосун коркунучка кептеп турат. ИКУга мүчө өлкөлөрдүн экономикалык, социалдык жана саясый артта калуусу террорчулук менен радикалдашуунун негизги себеби экени ачык.

## Үмүт артчу жетекчи ушубу?

Мүмкүнчүлүктөрү зор болгону менен баш оорута турган көйгөйлөрү да арбын болгон мусулман өлкөлөр өз киндигин өзүлөрү кесмейинче, бөтөн бирөөлөр келип бул маселелерди чечип бербейт. Бул опол тоодой маселелерди чечиш үчүн өз тарыхын жакшы билген, баалуулуктарын терең түшүнгөн жана заманбап дүйнөнүн шарттарын да жакшы байкап, доордун талабына жараша кам көргөн, көсөм башкаруучуларга, демдүү жетекчилерге жана чечкиндүү эл башчыларына муктаждык арбын. Өлкөбүзгө келген ИКУнун жетекчиси да ушул сыпаттарга ээ кеменгерлерден бири көрүнөт.

Ияд Амин Мадани мырза Сауд Аравия элчилиги берген сый тамагында купулга толгон кеп салды. Алгач Кыргызстандын бай маданиятынан терең тарыхынан баян салып, "Силердин тарыхыңарды карап көрсөк, элиңерге кол салган, жериңерге сугун арткан чоң күчтөр турса да, жок болуп кетпей өзүңөрдү сактап, маданий баалуулуктарды барктай алыпсыңар. Мындан ары да биз силердин эгемендүүлүгүңөрдүн корголушуна, маданиятыңардын сакталышына жана дүйнөгө таанылышына кызыктарбыз", – деп кеп баштады. Учактан түшкөндө эле айткан сөзү бизде кошуналардан обочолонгон эркиндик жана демократия даана сезилип тургандыгы жөнүндө "Исламдын сыйлоосу, сактоосу жана күнүмдүк турмушка сиңирүүсү зарыл болгон адилеттүүлүк, эркиндик жана теңдик деген үч баалуулук силерде бар экендиги сезилип турат", – деп бир жагынан аныктап өтсө, бир жагынан багыт көрсөтүп, "ушунуңардан жазбагыла" дегендей ой калтырды. Бул үч баалуулукту чечмелеп келип: "Ким бул өлкөдө жашаса өлкөнүн мыйзамдарына баш ийип, ага урмат кылышы керек. Бирок аталган өлкө да ар бир кишинин тилине, маданиятына жана динине сый мамиле кылып, алардын жашоосуна шарт түзүп бериш керек. Ислам өз баалуулугун башкаларга таңуулоону колдобойт", – деп Ислам дини менен демократиялык баалуулуктардын айкалышканын айтты. Ошону менен бирге "Исламды жектеген, туура эмес таанытып жаман көрсөткөн исламофобиядан да узак болуубуз зарыл" экенин да унутпай кеп кылды. "Ири өлкөлөр менен алака-байланыш бул бир көрпөнү пил менен бөлүшкөндөй. Кыргызстан үч пил менен көрпөсүн бөлүшкөнгө мажбур экен", – деп тамаша менен геосаясий жагдайыбызга да токтолду. "Кандай чоң өлкө болсо да, Кыргызстандын баалуулуктарына, эркиндигине, ырааттуу жашоосуна сый мамиле кылуусу керек. Биз ушундай болуусун каалайбыз, колдойбуз", – деп жылуу сөзүн айтты. Сөзүнүн аягында дүйнөгө таанымал Манас эпосун угууга куштар болуп келгенин жана угуп алып аябай толкунданганынан кабар берип, бир күн мурда белек кылынган англисче Манастан чоң үзүндү окуп, отургандардын көңүлүн алды.

ИКУнун жетекчиси Ияд Амин Маданинин зыяраты "ат айланып казыгын табат демекчи, элибиз жакшылыкка жанашып, дүйнө мусулмандары менен бирге ислам үндөгөн аруулуктар менен доордун чакырыктарына татыктуу жооп берип, белин кайрадан буюрса, түзөйт го" деген ойго салды.

ЖАМАНКУЛОВ БЕРДИБЕК

# «Атлетико» чемпиондор лигасына суурулуп чыкты



Атлетико Баварияга утулуп бергени менен, финалда оюн көрсөттү. Гвардиола катары менен үчүнчү ирет Чемпиондор лигасынын жарым финалында куру кол калды...

Мадриддин анча күчтүү эсептелбеген "Атлетико" футболдук клубу УЕФАнын Чемпиондор лигасына жолдомону жеңип алды.

"Атлетико" жарым финалдык оюнда эки жолку жолугушуунун жыйынтыгы менен "Баварияны" утуп алды. Шейшемби күнү Германияда өткөн жоопту оюнда "Бавария" "Атлетикону" 2-1 эсебинде уткан. Бирок финалга өзүнүн мыкты голдорунун көрсөткүч эсеби менен "Атлетико" чыгып, "Баварияга" жеңилүү ызасын тарттырган. Буга чейин Испан клубу Мадриддеги өз талаасында меймандарды 1-0 эсебинде таш-талканын чыгарган.

Германиядагы экинчи оюндун жүрүшүндө 31-мүнөттө Хаби Алонсо "Баварияны" алдыга сүйрөп чыккан. Мындан үч мүнөт өткөндөн кийин эле мюнхендик клуб пенальти тебүү бактысына ээ болушкан. Бирок тилекке каршы, "Атлетиконун" дарбазачысы Ян Облако өз милдетин мыкты аткарып, германдык клубдун үмүттүү тилегин таш каптырган.


Оюндун 53-мүнөтүндө "Атлетиконун" футболчусу Фернандо Торрес Антуан Гризманга жете турган таамай пас берген. Ушуну эле күтүп тургансып, Антуан Гризман "Бавариянын" дарбазачысы Мануэл Нойер менен жекеме-жекеге чыккан. Оюндун бул көз ирмеми испандыктардын голу менен коштолгон.

Финалдык жолдомону утуш үчүн германдарга испан оюнчуларынын дарбазасына эки топ киргизиши керек эле. Бирок талаа ээлери болгону бир гол киргизгенге үлгүрдү. Роберт Левандовски башы менен атаандаштарынын дарбазасына сүзүп киргизип, голдун ээси болду.

Ал эми оюндун 84-мүнөтүндө пенальти тебүү бактысы "Атлетико" командасына туш келип, аны тебүү үчүн кадимки Фернандо Торрес шымаланып чыккан. Фернандонун соккусун Нойер каршы алып, топту дарбазадан алыс чыгарып салса болобу.

Оюндун жыйынтыгы 2:1 эсебинде Баварияльктардын утушу менен аяктады.

Финалда "Атлетико" "Реал" (Испания) – "Манчестер Сити" (Англия) командаларынын беттешүүсүнүн жеңүүчүсү менен жекеге чыгат. Бул командалардын жоопту матчы шаршемби күнү Мадридде болмокчу. Биринчи жолугушуу 0:0 эсебинде аяктаган.



## Рафаэль Физиев Таиландда экинчи орунда

Кыргызстандын тай мушу боюнча спорт чебери Рафаэль Физиев Таиланддын Чонбури шаарында өткөн эл аралык таймашта экинчи орунга чыга келди. Бул «Тойота Марафонунун» алкагындагы сегиз бурчтуктун ичинде мушташуу турнири болчу.

Өлкөбүздүн тай мушу боюнча федерациясынын президенти Евгения Шевченко билдиргендей Рафаэль жеңишке жеткен эки мушташтын бирин алгачкы раундунда нокаут кетирүү менен утуп алган. Финалда бул салмак боюнча дүйнө чемпиону Лумпини менен беттешип, кыргыз тай мушунун жогорку техникасын көргөзө алды. Учурда Рафаэль эң күчтүү төрт мушкердин катарына кирүү максатында Кыргызстандын Тай муш федерациясынын (КР ТМФ) башкы машыктыруучусу Павел Федотовдун кол алдында ошол эле Таиландда өтчү дагы бир турнирге даярданууда.

# «Лестер» спорт сүткорлорун чоң чыгымга учуратты




«Лестер» футбол клубунун Англис премьер лигасында чемпион болушу спорт дүйнөсүн гана эмес, спорт сүткорлорун да дүрбөттү. Футбол оюну боюнча «ким утат» деген белгисиз натыйжага акча жыйнаган компаниялар Клаудио Раньери машыктырган команданын айынан чоң чыгымдарга учурашкан.

William Hill агенттиги билдиргендей, элден «Лестердин» утушун 1ге 5000 коэффициент менен кабыл алып, чу дегенде эле 15 млн. АКШ долларына күйүшкөн. Англис «Гилфорд» клубунун күйөрманы 1ге 1500түк коэффициент менен «Лестер» утат деген тарапка 75 фунт стерлиң коюп, чемпионат башталгандан бирэки тур узаганда эле 112 500 фунт (12 млн. сомдун тегерегинде) томуруп алган. 1ге 5000 деп өлчөнгөн божомол футбол тарыхында биринчи жолу уткан.



## Оштук спортчулар эки жылда 95 алтын медалга жетти

Ош шаар мэрлигинин билдирүүсүндө оштук спортчулар республикалык жана эл аралык беттешүүлөрдө 95 алтын жана 103 күмүш жана 155 коло медал утуп алышкан. Мунун менен бирге 4 спортчу дзюдо боюнча Азия чемпиондугун багынткан. Бул жылы да өтчү, анын ичинде августта Бразилиядагы Жайкы олимпиадалык оюндарга да катышууга болгон күчүн жумшашмакчы. Бул тууралуу түштүк борбордо өткөн Кыргыз Республикасынын панкратион боюнча чемпионатында Ош шаарынын мэри Айтмамат Кадырбаев билдирген.

## Амир Хан 13 млн. доллар утуп алуусу мүмкүн



Мексикалык Саул Алварес менен Дүйнөлүк бокс кеңешинин (WBC) версиясынын орто салмактагы мушташы боюнча беттешүүсүндө англиялык мушкер Амир Хандын канча акчага рингге чыраары белгилүү болду. Бул таймаш Америка Кошмо Штаттарынын Лас-Вегас шаарында 7-майда өтчү бокс кечесинин негизги мушташы болмокчу. Хан анда өмүрүндө биринчи жолу 13 миллиондон ашык доллар утуп алат.

Алварес-Хан беттешинин жеңүүчүсү WBA (Super), IBO, WBC (Interim) жана IBF версияларындагы орто салмактын жеңүүчүсү Казакстандык Геннадий Головкин менен таймашууга милдеттүү.

Бул беттешүүдөн сырткары, май айында бокс боюнча төмөнкү мушташуулар болмокчу:

- 7-майда Германиянын Гамбургунда болгар Кубрат Пулев жана британдык Дерек Чисора;
- Жаңы Зеландиянын Манукаусунда оор салмактагы Джозеф Паркер жана Карлос Такам;
- Орусиянын Москвасында 21-майда WBA менен IBFтин оор салмактары боюнча Денис Лебедев менен Виктор Рамирес жана Александр Поветкин менен Деонтей Уайлдер.

## Кыргыстанда жакында:

- 7-майда Каракол шаарынын Бокс боюнча борбордук залында аралаш таймаш боюнча турнир өтөт. Уюштуручулар: «Орус офицерлери» уюму менен Кыргыз Республикасындагы Орусия Федерациясынын Согуштук деңиз базасы;
- 7-8-майда Бишкекте борбордун спорт клубдары жана региондордон командалар катышкан Жеңил атлетика эл аралык күнүнө арналган таймаштар болот. Уюштуруучу: КРдын Жеңил атлетика федерациясы;
- 8-майда Бишкекте Жеңиш күнүнө арналган дзюдо боюнча беттешүүлөр болмокчу. Буга 2004 жана 2007-жылдары төрөлгөн өспүрүмдөр катышат. Уюштуруучу: Шаардык Кеңештин депутаты жана «Дзигоро Кано» клубунун президенти Кубанычбек Конгантиев.

# Имамдын эрдиги

Бул макала үч жыл мурун жазылса болмок. Бирок мындай эрдиктин эрте-кечи жок болсо керек...

## Аман калган өмүрлөр

Хайдарали Абдукаюмов Араван районунун Бай-Төбө айылында төрөлгөн. Каргашалуу окуя болгон кезде ал 30 жашта эле. Ал ошол жаштыгына карабай, айылдык мечиттин имамы кызматын аркалап жүргөн. Кайгылуу окуя болор алдында Хайдарали өз айылынын мечитин оңдоп-түзөп, жанына спорттук зал жана компьютердик класс жайгаша турган имарат салуу менен алек болуп жүргөн. Анын оюу боюнча мечитке келгендер руханий азык алып гана тим болбой, денесин чыңап, акыл көрөңгөсүн өстүрүп кетүүсү да керек болчу.



Рамазан айы августка туш келип, аптаптуу күндөрү кармалган орозо аяктаганына бир нече эле күн болгон. Кырсык болгон күнү ошол айылдын Кушбаева Гүлмира жана Кадыркулова Гүлира аттуу тургандары суу алуу ниетинде суусу араң жылжып агып турган «Фергана» каналынын ичине түшүшкөн. Бирок, кырсыкты кайдан деп болобу, бир заматта алай-дүлөй түшө калмасы бар эмеспи. Так ошол маалда каналдын башын кимдир бирөө ачып жиберип, бууракандаган суу селдей болуп каптап келди. Бейкапар бош каналдын ичинде отурган келиндерди кайдан-жайдан пайда болгон суу агызып жөнөгөндө, алардын чурулдап-чуркурап кыйкырганын байкап калган суу агызып жөнөгөндө, алардын чурулдап-чуркурап кыйкырган бирде басса аргасы калган эмес. Так ушул маалда канал жээгинен өтүп бараткан Хайдарали буларды байкап калып, унаасын токтотуп, кийими менен сууга секирген. Ал аялдарды куткарам деп каналга киргенде элдин мечитке деп жыйнаган акчасы да чөнтөгүндө болчу. Бирок сөөгү бир нече күндөн кийин табылган имамда бул каражаттар жок болуп чыкты.

Хайдарали айылда өсүп, сууга сүзгөндү жакшы билгени менен, чөгүп бараткан адамды куткарууну билчү эмес. Ал тизелеген бойдон эки келинди өйдө көтөрүп агып жүрүп отурган. Туш тарабы бетондолгон канал менен зымырап аккан сууга туруштук берем деп тизесинен тамтыгы калбай айрылып кеткен. Чынында, мындай ылдамдыкта, каналдагы шар аккан сууга туруштук берүү мүмкүн эмес болчу. Анткени менен Хайдарали чөгүп бара жаткан эки аялды эптеп сыртка түртүп чыгарганда өзү алдан тайып, суу агымына аласалынган бойдон агып кеткен. Балким тоодон түшкөн көк кашка суунун муздактыгынан тарамыштары да түйүлүп калса керек.

## Үч күндөн кийин табылган Хайдар

Хайдардын үй-бүлөсү бир топ акча төлөп, каналдын суусун үч күнгө токтоттурушкан. Сууну токтотуу натыйжа берген жок. Себеби каналдын түбү баткак болуп, маркумдун сөөгүн табуу кыйынга турду. Издөө салып туугандары, кошуна-колоң, жоро-жолдош жапырт чыкты. Бир эсе досуна, бир эсе жамаатына айланган шакирттери таң заардан күн батканга тыным албай, аягы Өзбекстанды аралай чапкан каналды аңтарып чыгышты. Бул арада Хайдаралинин жансыз денеси табылбаган соң, «балким тирүүдүр» деген жылуу үмүт пайда болду.

«Кудай кылса кубарыңдын акысы барбы» демекчи, жазмышка айла жок тура. Жаш имамдын сөөгүн үч күн өткөндөн кийин өзбекстандык дыйкандар таап алып, укук коргоо органдарына өткөрүп беришкен. Канал түбүндөгү арматура жана башка темир-тезекке карабай, Хайдардын сыйрылган тизесинен башка дене-мүчөсү запкы көргөн эмес.

## Имам уулу имам

Хайдаралини башкалар үчүн жашоого атасы үйрөткөн дешет. Ал Бухаранын атактуу «Мирараб» институтунун бүтүрүүчүсү болуптур. Так ошол дин сүзүлүп турган совет доорунда да ыймандан кайтпай, айыл элине имамдыкты аркалап турган экен жарыктык киши. Райондун казысы болуп турган кезде райондо биринчилерден болуп ажылыкка барып келген. Учурда айыл жамаатынын суранычы менен уулу мээнет кылып кеткен мечитте кара жанын карч уруп, имамдык кылып келет.

Хайдарали Жаратканына узаган соң, эки ай өтпөй мечиттин курулушу аягына чыккан. Азыр анын мечитинде атасы жума хутбасын окуйт. Атанын «момундар башкалар үчүн да жашоосу керек» деген сөздөрү уулунун эр жүрөктүгү менен тастыкталган. Ошондуктан анын кеби жамаатка, айрыкча, жаштарга сиңимдүү.

Айтмакчы, маркумдун жубайы эки чүрпөсү менен жетим калды. Кичүү уулуна атасынын көзү өткөн кезде араң бир ай болгон. Ыраматылык Хайдарали Курман айт сайын баштык-баштык азык-түлүк камдап, айылдын муктаж үй-бүлөлөрүнө жеткирип турчу. Айрыкча, жалгыз баласынан ажырап, айыл четинде жашаган кары кемпирди бир нече жылдан бери дайыма зыярат кылчу дешет. Тилекке каршы, бул Курман айтта ал апаны Хайдар зыярат кыла алган жок. Натыйжада жарыктык киши имам тууралуу сураштырып, суук кабарды уккан күнү жүрөгү кармап, көз жумду.

## Жакшылыкты Жараткан билсе жетиштүү

Анткени менен ал куткарган келиндер укук коргоо органдарына түшүндүрмө берген соң, Хайдардыкына кайрылып да койгон эмес. Балким катуу чочуганданбы, же түшүнбөстүктөр болот дешкенби, айтор, кабар алышкан жок. Жергиликтүү бийлик болсо имамдын үй-бүлөсүнө ай сайын 2500 сомдук жөлөк пул берүү менен гана чектелген. Өз өмүрүн эки адамды куткаруу үчүн садага чапкан эр адамдын үй-бүлөсү оор үшкүрүп гана кала беришти.

Хайдаралинин жакын туугандары болсо мал-салын жана башка акча болчу бардык нерсесин калтырбай сатып, кырсык баскан күнү жоголуп кеткен мечиттин каражатын тургузуп берди. Ушул жерден айта кетсек, биз аткаминерлердин кайдыгерлигине жана кээ бир адамдардын өйдө-төмөн айтылган обу жок сөздөрүнө терикпейбиз жана Хайдарали менен сыймыктанабыз. Ага окшогон эр жүрөктөрдүн өмүрү жана өлүмү бизге Кыяматка чейин өрнөк боло бермекчи деп айткыбыз келет.

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

# Жакшы кошуна алтындан артык

Аскардын шашылыш төлөй турган карызы бар эле. Акча издебеген жери калбады. Кимге гана барган жок. Тууган-уругун, тааныш-билишин кыдырды. Тели-теңтушунун баарынан сурап көрдү. Кургуруң акча деген кыйын экен. Эч кимден чыкпады. Айласы кетип ары ойлонуп, бери ойлонуп отуруп үйүн сатмай болду. Эреже боюнча үй сатарда коңшуңа сунуштап көр деген насыятты эсине тутуп, кошунасына кайрылып калды. Анын капилет сунушуна таңгалган кошунасы:

- Аны эмнеге саткан атасың? - деп сурады.

- Шашылыш төлөй турган карызым бар эле. Айла жоктун эле иши болуп атат. Болбосо өз колум менен тургузган үйүмдү сатат белем?..- деп муңкүрөй түштү Аскар.

- Канчага сатайын деп атасың?

- Өзүң билесиң, үйдү колдон келип турган кезде кынаптап бышкан кирпич менен тургуздум эле. Короожайым, чарбагым да жакшы. Тигип койгон бакчам бой тиреп калды. Негизи баасы жогору эле турат. Бирок сага менин карызымды жаба турган акчага эле берем. Канча жылдан бери чогуу туруп, бир да жолу жаман-жакшы айтышкан жокпуз. Жакынкы кошуна алыскы туугандан артык дегендей, бир туугандан да жакын болуп калдык. Оюмда ушул үйдү сага эле ыраа көрүп турам, - деди.


- Сен канча акча карыз болуп калдың эле? - деп коңшусу акырын сурады. Аскар канча карыз болгонун, кимге карыз болгонун, эмне болуп карыз болуп калганын төкпөй-чачпай айтып берди.

- Макул, мен ойлонуп көрөйүн, сен мага эртең кел, - деп Аскарды жубатып үйүнө узатты. Эртеси шашке ченде эшик кагылганынан сыртка чыкса, коңшусу жайдары жылмайып туруптур.

- Мен кечээ күнү кечинде барып эле сенин карызыңды төлөп койдум. Сен эми эч кимге карыз эмессиң. Эч жакка кетпей үйүңдө жашай бер. Сен мага карыз эмессиң. Балдарыбыз да чогуу чоңоюшту. Келинчектерибиз да ынак. Бул биздин силерге кылган кичинекей жакшылыгыбыз, - деди кайрымдуу коңшу. Буга айран таң калган Аскар кызыктай болуп:

- Сен муну эмнеге кылдың? Бул деги оңой акча эмес да... Сен аябай чоң чыгаша болбодуңбу?!- деп коңшусу колуна карматкан квитанциянын дүмүрчөгүн ишенип-ишенбей карап, өзүн ыңгайсыз сезип турду.

- Мен муну чыгаша деп эсептебейм. Мен үчүн чыныгы чыгаша силер ушул жерден көчүп кеткенде болмок, - деп жооп берди коңшусу.



# Унутулган салт

*(Уландысы)*

Ошону менен бир канча күн кошок айттым. Үчүлүгү болду, жетилиги болду. Канча адам келип, канча киши топо салды билбейм. Топураган эле кишилер жүрдү сыртта. Баягыдан кийин дагы бир уй союшту. Анын акчасын өзүм таап бердим. Чогуу иштешкен санаалаш эже бар эле, ошол бирөөдөн пайызга таап бере калды. Ошого мал алып сойдук. Андан кийин туугандар, куда-сөөктүн кошумчасы деп узун тизме, бир канча акча карматышты. Анысы Кабылдын жайына, анан дагы майда-чүйдөгө кетти.

Ошону менен өлгөндүн артынан өлө албай, кылдыратып жашообуз өтө баштады. Эл да тарады. Кыркылыгы өтүп, боз үй да чечилди. Чынын айтсам, бул күндөрдө мен өз үйүмдө эмес, бөлөк эле үйдө жүргөндөй болдум. Топураган эл кайсы тамактан жеп, кайда жатып атканын деле толук билгеним жок. Кыскасы, топурап эле келип кетип жүрүштү. Мен кошок айткан сайын өзөгүм өрттөнүп, жашоодон кеччүдөй араң отурдум.

Кийин билсем, ошол арада жумушуман да чыгарып коюшуптур. Ооба, айлап-айлап ишке чыкпаган жумушчунун кимге кереги бар дешсе керек. Уазикти болсо ойлогон да жокмун. Жаныш байке ломбарддын кагазын карматып «50 миң төлөйт экенсиң. Ай сайын 3000ден берип тур» дегенде «макул» деп койгом. Ошону менен ал кагазы кайда калганын да билбейм. Барган да, чалган да жокмун. Ага бергидей акчам да, убактым да болгон жок.

Эч жакка чыккым келбейт. Өзүмчө калсам эле буркурап ыйлайм. Ыза болом. Туталанам. Жакшы нерсе болсо деле, жаман нерсе болсо деле буулугуп ыйлайм. «Ушуну Кабылым көрбөй калды» дейм. «Кабылым болсо эмне» дейм. Балдарды эптеп сабакка жөнөттүм. «Алаксыгыла, отурбагыла» дейм. Бирок, аларым деле кыйратып алаксый албайт. Кызым деле, уулум деле таалайсыз калгандай, буркурап эле ыйлап жүрүшкөндөй сезилет.

Кыркылыгы өтүп калганда баягы Жаныш байке келди. Куран окутту. Ал-жай сурашты. Анан бир маалда «баягыда байтал алганга 40 миң коштум эле. Ошол керек болуп калды» деди үңкүйүп отуруп. Алгач 40 миң оңойдой эле туюлду. Көп деле ойлонуп отурганым жок. «Макул, берели» дедим. Көрсө, опол тооң кулап, аза күтүп турганда көзүңө башка нерсе көрүнбөй калат тура. Кийин издеп баштаганда сездим. Өзүмдүн бир эжемен башка жакын тууганым деле жок. Ал деле эл катары араң турат. Ошого айттым чү дегенде эле. Байкушум кейип-кепчип эле кетти. «Берем» дедим кийин. «Таап берем» дедим. Бирок, ошондо биринчи жолу түшүндүм. Буга чейин үй-жайды кылдыратып турган Кабыл болчу. Машинасы менен базарга чыгып, эл ташып иштеп аткан. Эми анысы да жарабай калды. Эски уазиги болсо жок болду. А менин айлыгым өп-чап эле азык-түлүккө жетчү. «Эми кайдан табам?» дедим ичимен. Ошондо Кабылым дагы бир өлгөндөй болду. Түнү менен ыйлап чыктым. Жок дегенде эле тамыбыз өзүбүздүкү болсо эмне. Мында батирде турчубуз. Шаар четинен жер алып, пайдубалын тургузган элек. Аныбыз деле документи жок. Кайран Кабылым тирүү болгондо быйыл бүтүрүп кирип алсак, бара-бара документи деле бүтмөк. Үңкүр да болсо үйүбүз болбойт беле.

Эжем араң 10 миң таап берди. Калганын бирөөдөн пайызга алып берейин деди эле жүрөгүм түшүп калды. Берки үйдүн 35 миңи да үстөгү менен турат. Жакында ал да сурай баштайт. Андан башка карыздар да толтура. Балдарымдын мектебине беришим керек, ремонтуна беришим керек, батирге беришим керек. Оо, Кудай, ай...

Ошентип бир жумадан кийин Жаныш байке кайра келди. Баягы эжемен алган 10 миңди санап берсем, түнөрүп отуруп араң кеткен. 3 күн өтпөй кайра келиптир. Түрү жаман. Чай да ичпей үшкүрүнүп отуруп «Бизди да туура түшүн. Ошо күнү силер уят болбосун деп, салттан калбасын деп бирөөнүн акчасын кошуп жибердим эле. Эми мени коколоп атат» деди. Баягы авариядан кийин оң капталым сыздап оорунакага баралбай жүргөм. Кыймылдасам эле зыркырайт. Бир жерим үзүлүп кетчүдөй болот. Бирок, аны айтканым жок. Кечээ Кабылдын достору келип жамандык-жакшылыкка деген ыражасынан 10 миң берип кетишти эле. Ошого көрүнсөмбү деп катып отургам. Бирок, тигинин түрүн көрүп, ден соолукту коё турдум. Катылган жеринен сууруп чыгып карматтым. Жаныш байке ошондо деле түнтөйүп отуруп араң кетти.

Ал кеткенден кийин бүк түшүп жатып алып дагы буркурап ыйладым. Балдарым келип мага кошулуп ыйлады. Сооротком киши болгон жок. Ошол бойдон буркурап отуруп ачка уктадык. Түнү менен Кабылды издедим...

Кийин баягы пайызга берген аял келди. Көрсө, 2 ай болуп кетиптир. Өсүп баратат деди. Эптеп аркы беркини айтып узаттым. «Макул, бирок эсиңде болсун, үстөгү барган сайын көбөйө берет» деп коркутуп кетти. Эптеп жумушка чыгайын дейм, капталым кыймылдатпайт. Күн сайын күчөп бараткандай. Бир күнү отуруп алып кеткен чыгымдын баарын эсептедим. Көрсө, тигиге баланча, буга түкүнчө болуп отуруп 150 миң карыз бар экен. Үйдө да азык түгөндү. Нан менен чайдан башка эч нерсе калган жок. Өгүнү уулум базарга чыгып жүк ташып, 400 сом алып келген. Ошого ун алып, чай алып ичип отурабыз. Жокчулук деген бат эле кирип келет тура...

***

Баягы пайызга берген катын кайра келди. Бул жолу аңырандап алыптыр. «Үйдөгү оокаттарыңды бер» деп булкунуп келип сапырып кирди. Же каршылык эле кыла алсамчы. Бир капталым ооруп тыңыраак баса албай калдым. Омурткама доо кеткенби деп жүрөгүм түшөт. Баарынан балдарыма жаман болду. Бир заматта жетимдик баштарына түшүп карып болуп калышты. Акыры түтпөгөнүмдө баягы жердин документин көргөздүм. «Ушуну сатып карызыман кутулайын» дедим. Чынында, документ дегенибиз документ деле эмес. Болгону бир карта. Аны көрүп ого бетер атырылды. «Мунуңду эч ким албайт» деп кыйкырынат. Жаным күйүп кетти. «Ушундан башка байлыгым жок. Кааласаң колуңа өлүп берейин» деп жарылып кеттим. Буулугуп ыйлап да алгам, булкунуп сүйлөп да алгам. Акыры жеңдим окшойт. «Макул анда, келе документиңди» деди. «Ушуну менен сага келбейм дагы» деди. «Кутулайынчы деги» деп карматып салдым. Ушул ырайымсыз катындан кутулганыма гана сүйүндүм. Балдарымдын бозоруп коркуп турганын көрүп, тезирээк ушуну жоготойун дедим. Ошентип жерибизден да ажырадык...

Эртеси үйдө жегенге эч нерсе калбай калыптыр. Уулум таң атпай туруп бир жакка кеткен. Кызым экөөбүз кечке коркуп отурдук. Шоркурап чай ичип коёбуз. Кечке маал үтүрөйүп, боз ала чаң болуп балам кирип келди. Тердеп-кургап иштегени түрүнөн эле көрүнүп турат. Колуна нан, жарма, чай, май, кесме көтөрүп алыптыр. Байкушум ай, жашабай жатып абалыбызды түшүнгөн экен. Ичим эзилип боорума кысып алып, кечке ыйладым. Байкуш кызым күйпөлөктөп тамак жасады. Өзүм ордуман тура албай да калдым. Бүк түшүп эле ыйлайм... Ошентип уулум мектепке барбай калды. Анткени мени күнүмдүк тамака жетип калдык...

Ошондон көп өтпөй эшик тыкылдады. Уулум жумушка, кызым сабагына кеткен. Жалгыз отургам үйдө. Ордуман эптеп туруп эшикти ачайын дедим. Бирок, мен тургуча эле эшик ачылып, бирөө кирип келди. Көрсө, үйдүн кожоюну экен. Мен таанычу эмесмин. Кабыл эле сүйлөшүп, батир акысын берип жүрчү. Кабылдын кырсыкка кабылып көз жумганын угушуптур. Акырын отуруп куран окушту. Анча-мынча алжай сурашты. «Качан айтар экен» деп жүрөгүм солкулдайт. Доочулардан коркуп калган экем. Бир маалда күткөн кебим да айтылды.

– Эки айдын батир акысын алалы деп келдик эле, – деди камырабай туруп. Тамагым буулуп, сүйлөй албай калдым. 12 миңден төлөчүбүз. 24 миңди кайдан табам эми буларга?


– Эми бизди деле туура түшүнүңүз. Туугандарыңыз деле бардыр. Айтсаңыз каралашар, – деди акыл айткан киши болуп. Тууган деген сөз менен каралашат деген сөз бири-бирине уланбай калганын айткым келди. Бирок, унчуга алганым жок. «Эптеп түшүнүп тургула. Жакында иштеп баштасам төлөп берем» дедим. Кыңырылып отуруп араң кетти. Үй ичин кыдырата карай баштаганда жүрөгүм дагы солк этти. Баягы пайызга берген катынча үйдөгү эмерек-кечени баалап атканын байкадым. Балдарымды томсортуп үй-оокатымды тартып алып, өзүмдү чыгарып коёбу деп коркконумду айтпа. Бирок, унчуккан жок. Нааразы болгондой суз коштошуп чыгып кетти.

*(уландысы бар)*

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



# ЛГБТнын катарындамын, эмне кылсам?



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды SMS же Whatsapp аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!
***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

**1) Врачтарга барсам, ал мени текшерип кыздыгым жок экенин айтты. Аллах көрүп турат, мен эч ким менен болгон жокмун. Бул нерсе шариатта кандай каралган. Ушундай болушу да мүмкүнбү?**

**Жооп:** Ар кандай себептерден улам кыздык деп аталган чел кабыкча жоголуп кетүүсү мүмкүн. Же тубаса ошондой төрөлүүсү деле акылга сыя берет. Же доктурдун бир азыраак туура эмес жыйынтык чыгаруусуна таандык да болуусу мүмкүн. Андыктан ага анчалык кыжаалат боло берүү жөндүү эмес.

Шариатта кыз эмес деп мурда турмушка чыккан же сойкулукту кесип кылып алган адамга гана айтылат. Кандайдыр бир себептер менен кыздык белгиси көрүнбөсө эле аны «кыз эмес» экен, жаман жолдо жүрүптүр деп айтуу күнөө иш болуп саналат.

Кээ бир учурларда жаңы үйлөнгөн жубайлардын ортосунда ушундай таризеги ыңгайсыздык жараткан окуялар жүз берип, нике түндүн эртеси эле кызды төркүнүнө жеткирип берген көрүнүштөр жок эмес. Энесинен башка эч ким өппөгөн, шамалдан башка эч ким этегин ачпаган абийирдүү жакшы кыздарды да ушундай мамиле тооруп алган учурлар кездешет. Кээде денесинин чоюлчаактыгы эле ал нерсеге себеп болуп калган болот. Жигиттерибиздин жалпы маданиятынын кем болуусу, алардын түшүнүктөрүнүн тайкы болуусу кыздардын бактысыз болуусун шарттоодо. Кудай Таалам адаштырбасын…

**2) Турмуш курганыма 5 жыл болду. 2 кайненем бар. Биздин бөлүнүп чыканыбызга 2 жыл болуп калды. Жаш кайненем шаарга иштегени кетиптир. Чоң кайненем 80 жашта. Мен анын небере келини болом. Биз барып карабасак, бизге күнөө болбойбу?**

**Жооп:** Чоң кайненени кароо анын балдарына милдеттүү болот. Балдары аны кароодон кайсы бир урматтуу себептерден улам калышса, же башка бир шарттар менен кароо милдети силерге жетип калган учурда, ал кемпирди кароо силерге ваажып болуп калат.

Улгайган адамдын батасын алуу жакшы береке. Волонтер дегендер бейтааныш эле кемпир-чалдарды карап сооптуу иштерди аткарганга жан үрөшөт. А силерге бул кемпир бөтөн эмес. Жан-дилиңерди коюп кызмат кылсаңар береке табасыңар. Мындай сооп табууга берилген мүмкүнчүлүк ар бирөөнө эле бериле бербейт. Кемпирдин көңүлүн көтөргүлө. Ал жаш баладай эле болуп калат. Жаш баладай кылык-жоруктарына көз жумгула…

Эч ким билбейт, кимди кандай карылык күндөр күтүп жатканын… . Эч ким билбейт, ким карылык күндөргө жетерин, же жетпей жолдо каларын…

**3) Намаз окуп жатканда даарат сына берсе эмне кылуу керек?**

**Жооп:** Намаз окуп бүтө турган убакыт өтпөстөн эле тез-тезден даарат сына бере турган болсо, ошол даарат сындырган себеп-маани, сиз үчүн даарат сындыруучу болуп эсептелбейт. Бирок, анын ордуна сиз үзүрлүү-себептүү адамдардын катарына кошуласыз. Ар бир намаздын убагына жаңы даарат аласыз. Бул даарат менен ошол намаздын убагы чыгып кеткенге чейин парз, ваажып, нафил жана сүннөт намаздарды каалаганча окуй бересиз. Куран китепти кармап окусаңыз да жарай берет. Жогорудагыдан башка даарат сындыруучулар жүзөгө келгенде дааратты жаңылап аласыз. Мисалы, сиздин денеңиздеги жарааттан дайыма сызылып кан аралаш суу чыгып турса, бул нерсе сиз үчүн даарат сындыруучу болбойт. Ар намаздын убагына жаңы даарат алып намаздарды окуй бересиз. Кан аралашкан суу чыга берет, ага маани бербейсиз. Андан башка, мисалы: жел чыга турган болсо, анда дааратты алууга туура келет. Кудайым туура жолдон адаштырбасын…

**4) Жолдошум – мугалим, жогорку билимдүү. Бирок ата катары балдарынын алдында сый-урматы жокко эссе. Кээде орчундуу деле себеби жок намазды окубай коёт. Мактангандай болбоюн, баардык жүрүм-турумун айтып турам. Акылы жаш баладай, болгондо да акылы кемирээк. Үйрөтө берип күнөөгө батып жатамбы деп ойлоп кетем. Аял катары алсыз болуп, ага жөлөнүп жашагым келет.Үйдө эркектин катуу талабы болушун каалайм. Тилекке каршы, эркектен күткөн катуу талапты, тартипти өзүм коюп жатам.** (суроону устаз толук окуду, бул жакка кыскартылып берилди)

**Жооп:** Урматтуу бир тууганым! Ар адамда ар тагдыр болот. Ошол тагдырдагы оош-кыйышты, кыйынчылыктарды жеңүүгө буйрулганбыз. Эгиз улакка айры шыбак дегендей, Кудай Таалам ар нерсени өзүнүн сыр-хикматы менен жаратат. Балким, сизден башкага үйлөнгөндө ал адам бул жашоодон адашып кетмек. Балким, сиз мындан башкага турмушка чыкканда, жашоо уланбай, чагылган жарк эткендей бейтаалай нике кыска өмүр сүрмөк. Балким, андай деле болмок эместир. Кандай болгондо да болору болуп, боёсу канды.

Сиздин ашкере тыңдыгыңыз анын үйдөгү кожоюндук кылууга жарай турган азганекей иммунитетин жоготуп да жиберген да болуусу мүмкүн. Аял дайыма эркекти аялдай ой жүгүрткөнгө өзү билбей мажбурласа, эркек дайыма аялды эркектердей ой жүгүртүүгө түртөт экен. Эркек менен аялдын түгөнбөгөн күрөшү мына ушул чекиттен башталып, кайра ушул эле чекиттен бүтөт.

Мен сизди же башканы күнөөлөгүм келбейт. Пенденин өз жашоосунун жакшы болуусуна кылган аракет-далалаты кээде туура эмес жыйынтыкка алып келип койгон учурлар жок эмес.

Азирети Умардын сөзү бар: «Эркек өз аялы менен болгон мамиледе жаш баладай кыялдуу болуп, жумшак мамиле кылсын да, сыртта кадимки сүрдүү жана олуттуу эркекке айлансын!» Анын сыңарындай, эркектер дайыма кароого муктаж. Карабаса катын кетет, бакпаса мал өлөт. "Баккан ээси жарашса күйпүл күчүк сак болот, алган жары жарашса кара катын ак болот" дейт. Ошол себептен күйөөңүздү чоң баладай эле кабылдап кам көрүп, аны эркек катары иштетүүнү да эстен чыгарбаңыз.

Күйөөңүз жубайлык мамиле каалаган учурда өзүңүздү көндүрүңүз. Ал ошондо өзүн эркек катары сезет, духу чөкпөйт. Болбосо эч ким тоготпогон байкуштай сезип, ындыны төмөндөй берет. Ал эми тамакка чакырганда, жөн эле чакырбай, жетелеп келип олтургузсаңыз жакшыраак болот. Алган тарбиясы тайкы адамдар ошондой болуп калат.

Балдардын көзүнчө аны көп эле кагыпсилкип, үйрөтө бербеңиз. Ал чүнчүп кетет. Аны мактап ишке салыңыз.

Көпчүлүк аялдар эркектердин жакшы сөз сүйлөгөнүн каалашат, бирок табиятынан бардык эле эркектерге андай жөндөм бериле бербейт эмеспи. Эркектин көз карашынан же мамилесинен гана араң эле байкоого болот. Айрыкча кыргыз эркектери бул маселеде өтө эле сараң экендиги маалым.

Китеп окуганды сунуштайт элем. Фильмге караганда китеп көп маселени жаркын ачып берет эмеспи. Көркөм адабияты жана диний адабиятты айкалыштыра окусаңыз, сиздеги кемтик өз ордуна келет. Анан калса, сизде намаз деген керемет курал да бар тура.

Күйөөңүз мугалим болсо, китеп окуганды, аны анализдегенди жакшы эле билет. Ага да жакшы китептерди окуганга бериңиз.

Пайгамбарым барына азыр, жогуна кайыл. Сабыр кылыңыз. Сабырдуу жетер муратка, сабырсыз калар уятка. Саргара жортсоң кызара бөртөрсүң. Бул жашоо арман жашоо, ар кимдин арманы ар башка. Бирок акырет-түбөлүк жашоодон үмүттү үзгөн жарабас. Үмүтсүз шайтан. Кесинди кездемеден көркөм курак жасап, көз жоосун алган буюмга айланткан аял, ар кандай эркектен чыныгы эрди жасап аларына күмөнүм жок. Бактылуу болуңуз. Бактылуу болууга ар бирибиз укуктуубуз. Ага мүмкүнчүлүктөр баарыбызга берилген... Бактылуу болуңуз...

**5) Ырчылар өлгөндө эшектей аңгырап барышат деп айтылат. Бул нерсенин канчалык чындыгы бар? Ал эми алып баруучу журналист кыздарыбыз кандай болуп калат. Булар тууралуу куранда айтылганбы?**

**Жооп:** Жаман маанидеги ырларды ырдоо, кулак-мээни жеген музыканы угуу жана анын коштоосунда ырдоо шариат тараптан кабыл кылынбайт. Ошондой эле сулуулугун ар кимге тартуулай берүү да күнөө болуп эсептелет. Куранда ушул маанилерге ишаарат берилген…

**6) Жолдошум экөөбүздүн ортобузда бир кызыбыз бар. Ошол кызым эч нерседен кем болбосун деп ар дайым иштейм. Тапкан акчамды жолдошум иштетет. Ага дагы макул элем, бирок кайын-журтум киришкенин такыр койбоду. Эмне кылсам болот?**

**Жооп:** Сиздин тапканыңызга кайын-журтуңуздун кийлигишүүсүнө таптакыр уруксат эмес, укуктары жок. Ал эле эмес, сиз өзүңүз каалап бербесеңиз, сиздин тыйынга тийишүүгө, иштетүүгө күйөөңүздүн да укугу жок. Ал иштеп силерди багууга милдеттүү.

Кайын журтуңуз силердин жашоого кийлигишкени кандай багытта экенин аныктап алуу керек болот. Киришүүгө тийиш жер болсо, киришкени жакшыраак. Кээде киришүү жакшы эмес болуп калат. Аны силердин жашоону билген-көргөн адамдан сураса жакшыраак болот.

Кээде ата-эне балдарын мусулманча тарбиялайт десе, таптакыр эрки жок, ата-эненин башкаруусунда болсун деген көз караште тарбиялашат. Балдар өз бетинче жашай албай турган даражага жетип калат. Ал эле эмес үйлөнгөн учурунда да аялына мамилени ата-энесинин айтуусу менен жасайт. Эми, мынчалык болбойт. Көр диндарлык деген мына ушул….

**7) Адамдардын алтындары өтүшүнө жардам берип коём. Алар көңүлүнөн чыгарып акча беришет. Ошол акча адалбы?**

**Жооп:** Далдалчылык адал жумуш. Алдоо жок болсо эле боло берет.

**8) Кызыбыздын аты Айтеңир. Атын өзгөртпөй деле койсок болобу?**

**Жооп:** Кудай Таалам айдай нурдуу кылсын деген жакшы тилек менен коюлган

MAGNAT ТАКСИ
1496
0772 86 55 77

Жарыя! Жарыя!
Учурда Бишкекте "Магнат" такси кызматы жаңыдан ишке кирди
Башталышы 35 сом
Ар бир чакырымга 10 сом
Тел.: 0772 89 55 77
0553 89 55 77, 0703 89 55 77

Арзан жана мыкты кызмат,
Магнат такси Сизге сунат



ат экен. Өзгөртүүнүн деле кереги жоктой. Бирок, чала молдо көбөйгөн чакта, өзгөртүп койсо, ач кулактан тынч кулак болот.

**9) Кичинемден эле кыздардын кийимин кийип жүргөндү жакшы көрчүмүн. Азыр деле ошондоймун. Ошентип ЛГБТнын катарын толуктап калдым. Токтотууга аябай аракет кылдым, бирок тыйыла алган жокмун. Ата-энем бир туугандарым билсе, аларды уят кылып коём деп катуу коркком. Мен үйдө эң кичүүсүмүн, агам бар. Ал үй-бүлөлүү, бирок үйү жок. Жок болуп кетсем, же өлүп алсам агама жакшы болор эле. Бирок агам ата-энеме жакшы мамиле кылбайт, ар дайым кагып сүйлөйт. Күнөөгө бата берип жашоодон тажап кеттим. Эмне кылсам болот, устаз?** (суроону устаз толук окуду, бул жакка кыскартылып берилди)

**Жооп:** Сен дааватка чык. Диний таалимдерге катыш. Жакшы чөйрөгө жакын бол, өзүңдүн чөйрөңдөн алыста. Спорт менен алектен. Бош убакытты текке кетирбе. Намаз окуп, Кудай Тааламдан сурасаң, ал улуу Зат, жөн койбойт. Одоно жана жөнөкөй тигилген, комсоо көрүнгөн кийимдерди кийсең жакшы болот. Тезек чаап, отун жар. Эркектерге тиешелүү иштерди көбүрөөк аткарсаң жакшыраак болот.

Колуңдан келсе тез үйлөн. Агаңдын кагып-силккенине аларды таштаба. Динде бактылуулук жашырылган. Аны көп адам билбей жүрөт. Дин тутунсаң баары ордуна келет.

Туура эмес азыктар менен тамактануу, жана башка себептерден улам гормоналдык бузулуулар пайда болот. Доктурлор менен кеңешип атайын гормондук-дарыларды ичсеңиз да жакшы натыйжага себеп болот.

Тозоктун отуна куйкаланганды сен билбейт окшойсуң. Чыпалагыңды эле отко кактап, эки минут туруп көр. Андан кийин сөздөрүңдү ойлонуп сүйлөп каласың…

**10) Сыган кызга үйлөнсө болобу?**

**Жооп:** Болот. Сен туура жазыпсың. Адатта «ц» тамгасы менен жазышат. Бирок Юдахиндин сөздүгүндө сеңдей эле жазыптыр. Бул сөз илгертеден бери бар, ал эми «ц» тамгасы орус маданияты менен келген эмеспи бизге?! Сенден Кудай Таалам ыраазы болсун!

Сыган кызы мусулман дининде болсо, үйлөнсөң эмне үчүн болбосун? Болот. Бир-эки жылдык Куран курстарына окутуп алсаң андан да жакшы болот. Адатын карматып карта ачып, узун этегин тегеретип бийлеп, эл кыдырып сапарга чыгып кетпесин… Анда уят болот.

**11) Атам Теңир ата деген агымга кирип кетиптир. Мага зыяны тийбейби, эмне кылсам?**

**Жооп:** Сага зыяны тийбейт. Бирок, атаңдын акырети катуу болуп калат. Ал агым динсиз агым. Кудайга каапыр болгон агым. Намаз деле окуй беришет. Бирок акыйдалары туура эмес болгондуктан Исламдан үлүшү жок болгон пенделер. Сен атаңа даават кыл.Туура багытка түшүүсүнө себеп болгондун аракетин көр.

**12) Шайтан адамды өлтүрө алабы?**

Жооп: Адаштырат, адашып барып айбан болот. Адамдын айбан болуусу өлгөнүнө тете. Шайтан ошентип өлтүрөт.

**13) Орозо учурунда ийне же капельница алса болобу?**

**Жооп:** Ооба, андан орозо бузулбайт.

Даярдаган: ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Мерйем Сахра Үзерли (Хюррем)

Мерйем Сахра Үзерли (Хюррем) 1983-жылы 13-августта Германиянын Кассель шаарында дүйнөгө келген. Ал белгилүү немис-түрк актрисасы жана модель. Атасы түрк, апасы немец улутунун өкүлү. Төрт бир туугандын эң кичүүсү. Аталаш Денни жана Кристофер аттуу эки агасы бар. Ал эми өзүнүн бир тууган эжесинин аты – Жанан. Германиядагы орто мектепти аяктагандан кийин, волонтёрдук жардам программаларына катышып, рак менен ооругандарга жардам берип турган.

2000-2003-жылдар аралыгында Гамбургда драмалык Фрезе студиясында актёрдук чеберчилик боюнча сабак алган. Кийинчерээк, кичинекей театрдык көрсөтүүлөргө чыга баштайт. 2003-2008-жылга чейин Германиядагы кыскаметраждуу тасмаларда роль жараткан.

8 ай бою роль тандап жүрүп Мераль Окайдын сценарийи боюнча Тимур Савжынын продюссерлигинде 2011-жылы атактуу “Даңазалуу доор” сериалында Хюрремдин образын келиштире аткарган. Кино Түркияда тартылып, түрк тилинде болгону Мерьемге бир аз түйшүк жараткан. Анткени ал түрк тилинде эркин сүйлөй алган эмес. Тартып жаткандардын сөздөрүнө көп түшүнчү эмес. Бирок кийин түрк тилин үйрөнүүгө жакшы



көңүл буруп, өздөштүрүп жүрүп, эркин сүйлөп кеткен. Ошентип, Султан Сулеймандын эң жакшы көргөн жубайынын ролун ойногон.

2011-жылы “Даңазалуу доордогу” ролу үчүн эң мыкты актриса жана ТВ жылдыздарынын өзгөчө сыйлыгына татыган. 2012-жылы драма жаатында эң мыкты аткаруучу сыйлыгына жеткен.

2012-жылдан бери Elidor Түркия жарнамасынын жүзү болот. 2013-жылы 16-майда 3-сезондун кээ бир серияларына тартылган соң, Берлинге учуп кеткен. Бирок, кайра кайтып келген эмес. Буга психологиялык жана физикалык чарчоосун себеп кылган.

Белгилүү Жан Атеш аттуу түрк кино актёру менен баш кошуп, 2013-жылы август айларында ажырашып кетишкен. Бирок Жан Атештен 2014-жылы Лара аттуу кызын төрөгөн. 2014-жылы Стамбулга кайтып келген. 2015-жылдын жай айларында “Энемдин жарасы” (“Annemin Yarası”) аттуу фильмде Мариянын ролун ойнойт. 2015-жылдын 20-декабрында “Мерйем косметика” деген жеке косметикалык брендин жарыялаган. 2015-жылдан бери “Түн ханышасы”(“Gecenin Kraliçesi”) сериалында Селиндин ролун жаратууда.

Эсиңиздерде сала кетсек, Мерйем Сахра Үзерли негизги ролду ойногон “Даңазалуу доор” сериалы 2011-жылдын Октябрынан тартып Кыргызстанда КТРК каналынан көрсөтүлө баштаган. Мерйемдин үнүн “Учур” театрынын артисти Кыял Төрөгулова кыргызча коштогон.



# УЗАК ЖОЛ

**Тарыхий роман**
**Автор:** Мукай Элебаев

Биздики — элден обочо, жалгыз тамдын түбүндөгү жалгыз кара үй эле. Шашке кез. Биз төшөктөн жаңы туруп жатканбыз. Бир кезде Алмакан эжем ойдо жок жорукту баштап, эпкиндеп, чыркырап барып төшөктө жаткан энемди басып жыгылды. Анын төшөк тартып жатканына көп болгон. Энем да күндөкүдөй эмес, көздөрү коркунучтуу, чарасынан чыгып, көкүрөгү кырылдап, билинер-билинбес дем алып, улам жоошуп кетип баратат. Өлүп бараткан адамды биринчи көргөнүм ушул.

Ошондо мен он бирдемин.Баарыбыз үрпөйө түшүп, энемди тегеректеп, үйүлө калдык. Эжем тура түшүп, элирген немедей бардык үнү менен өкүрүп тышка чыкты да, бир кезде кайра кирип келип, энемди дагы басып жыгылды. Биздин үй элден обочо болсо да эжемдин чыңырган дабышы менен бирин-серин эл жыйналып калды. Ошол убакта мен эмнегедир алданып тышка чыгып кеткемин. Аңгыча болбой бир кезде «чур» дей түштү. Чуркураган чаржайыт үндөр уламдан-улам күчөй берип, жаман үйдү көтөрүп кетти.

Ошентип, алты чөбүрө жетим калдык. Эң улуубуз Алмакан эжем, анан мен, менден кийин Беккул, анан Эшбай, андан кийин Ашымкан деген кыз. Эң кенжебиз Бекдайыр. Баарыбыздын арабыз эки жаштан. Өлөр алдында жана бир кыз төрөп, аны багып ал деп бирөөгө берген. Бул он айга жетпей өлүп калды.

Энем деги койдой чубуртуп көп төрөгөн адам: төрт эркек, алты кыз болуп, баары — онду тапкан. Үч кызын эрге берген. Ушулардан азыр үйдөгүбүз алтоо. Энем өлгөн соң, анын ордун басып жетимдерге көз болууга Бурмаке кемпир келди. Бул — атамдын агасы — Элебестин зайыбы. Алтымышка келип калган, бүкчүйгөн гана кичине кемпир. Булардан башка карашаарыбыз жок. Элебес — эзелтен томаяк адам. Ошондуктан Кызыл-Кыя деген жерге жолчу болуп, биротоло көчүп кеткен. Кедей жан багышка бул жер бир аз ылайык эле. Мында көчүп келгенине быйыл үч жыл.

Эми багыбызга туш келгендей быйылкы жыл да өтө кыйын болду. Мезгили жетсе да жакын арада көк чыкпай, күн сурданып, кезек-кезек кара бороон буркурап, элдин көзүн ачырбай жутатып туруп алды. Былтыр эгин болбой калган. Анын үстүнө биздин элдин көбү жарытып эгин экпейт. Мыктаганы эки тешеге жетпеген жер айдоочу. Элде быйыл ачарчылык. Ошондуктан бирин-сериндеп кап бөктөрүнүп алып, орус поселкаларына чубап калган.

Биздин бир табак буудайдын акыры кечээ бүткөн. Бүгүн эртеден бери наар алганыбыз жок. Бурмаке кемпир мени төмөн жакта бир үйдөн бир жармалык буудай суратып жиберген. Ал жампайган кепенин түбүндө бир кара үй эле. Бардым. Мурду барбайган чоң кара кемпир, коломтодо күйүп бүткөн тезек чогун жайып коюп, отко кактанып отуруптур. Анын колтугунда жамгырдан ыккан кулундай корголоп бир кичине кыз олтурат.

Мен барып:

— Бурмаке энем бир чөйчөк буудай берсин дейт — дедим, кемпирге бет бакпай, четке карап туруп.

Буйдалган жок, чыгдан жагын бир карап алды да кемпир:

— Жок,— деп күңк этти.

Кайра келдим. Бурмаке энем жаңкыдан бөлөк акыл үйрөтүп жана жиберди.

— Айт, өлбөсөк бир чөйчөк буудайынын кунуна чыгарбыз…

Берген жок, жана кур бардым. Ошондо Бурмаке:

— Эми жокту жерден чукуйбузбу! Силер да таалайыңардан көргүлө, багы жокторум,— деди баарыбыздын көрөр күнүбүз бүткөндөй каран түшүп.

Ушундан он күн өтпөй бир Бурмакеден башкабыз текши кыйрап жыгылып, ооруп калдык. Ар кай жерде чачылып, кыңкыстап жаткан адам. Бурмаке бөкчөңдөп, калтыраган кары колу менен кыдырып, ооруларга суу берип жүрөт. Баягыда бир тамырчы келип, мага он-он беш күнчө суу бер деп кеткен. Ансыз да суудан бөлөк ичээрибиз жок. Мынабу чачы жүндөй уйпаланып, эс-мас болуп жаткан — жеем. Анын бери жагында, коломтого жакын жерде алсыз кыңкыстап Беккул жатат. Капшыра кармап койсо сынып кетчүдөй илмийген билегинин тарамыштары көгөрүп, саналып турат. Тырп этер ал жок. Анын кыңкыстаганына карай:

— Э, Беккул, эмне кагылайын? — дейт Бурмаке. Ал түк да билбейт. Зорго демин алып жаткандай көрүнөт.

*(уландысы бар)*

belek.zahra

SETRMS TUĞBA KAYRA LA MIRAGE ALVINA

B&Z BELEK & ZAHRA

САРКЕЧ КИЙИМ ТАРМАКТЫК ДҮКӨНДӨРҮ

Тел.: 0705 65 06 65,
0709 60 60 55, 0705 60 60 55

Даректер:
Бишкек шаар
- Абдрахманов көч., 206;
- Москва көч., 56/2;

Иштөө убактысы: 9:00-20:00

SETRMS
TUĞBA
KAYRA
LA MIRAGE
ALVINA

Түркияда өндүрүлгөн



MAGNAT ТАКСИ

1496

0772 86 55 77

Жарыя! Жарыя!

Учурда Бишкекте "Магнат" такси кызматы жаңыдан ишке кирди

Башталышы 35 сом
Ар бир чакырымга 10 сом

Тел.: 0772 89 55 77
0553 89 55 77, 0703 89 55 77

Арзан жана мыкты кызмат,
Магнат такси Сизге сунат







ЭКОНОМ TAXI

(0312) 90 06 06
(0312) 90 60 60

- АЭРОПОРТ жеткирүү 500 сом
- АЭРОПОРТ алып барып келүү 800 сом 1 саат күтүү бекер
- ТАРАТУУ шаар ичинде 100-150 сом
- Өзгөчө чакырууларда Минивэн + 50 сом
- Такси келгенде 10 минут күтүү акысыз

0777 90 06 06
0557 90 06 06
0707 90 06 06
0707 90 60 60
0701 90 60 60

Урматтуу Ташболотов Мусулман байке!

Османдын жарык дүйнөгө келүүсү менен куттуктайбыз. Жараткандын жана Пайгамбарыбыздын сүйүктүүсү жана элибизди коргогон баатырлардан болсун!

*Байкелерден*



www.kampa.kg

КАМПА.KG

Азык-түлүк интернет дүкөнү

0 (772) 55 65 75

Дем алышсыз 8:00дөн 18:00гө чейин



## КҮЛҮП КОЙ

Аялы күйөөсүнө түш көргөнүн айтып берип жатат.

–Сүйгөнүм! Сонун түш көрдүм!

–Кандай түш?

–Сен иштен келе жатып кичинекей бир пакет менен келдиң. Мен толкунданып пакетти ала коюп, дароо ачтым.

Ичинен алтын билерик чыкты. Муну кандай жорусак болот?

Күйөөсү жылмайып:

–Бир аз сабыр кылып тур, эртең кечинде билесиң, – дейт.

Эртеси кечинде күйөөсү кичинекей бир пакет менен үйүнө келет. Аялы аябай кубанып, толкунданып пакетти ала коюп ачат. Пакеттин ичинде "ТҮШ ЖОРУУ" деген жазуусу бар китеп туруптур.

***

– Кызым,–дептир апасы кызына,– мен кошунаныкына бир эле минутка кирип чыга калам, сен казанды жарым саат сайын аралаштырып тур.

***

Жүрүп бараткан поезддин артынан үч кыз чуркап баратат.Астыдагы экөө жетишип түшүп кетишет да,бирөө калып калат.Калып калган кыз боору эзилип күлүп жатса, вокзал кызматкери:

– Жетишпей калганыңа ушунча күлүп жатасыңбы?– деп сурайт. Анда тиги:

– Жок, ал экөө мени узатып келишкен, – дептир.



0558 033 665
0773 033 665

"Абу Бакр Ас-Сыддык" атындагы медресе

быйыл 9-классты бүткөн балдарды кабыл алат

Диний сабактардан сырткары окутулуучу сабактар:

- Информатика
- Алгебра
- Кыргыз тили
- Орус тили
- Чет тили
- Тарых
- Ж.Р.Т. (О.Р.Т) 3-курстан даярдык
- Дене тарбия

Дареги:
Бишкек ш., Арча-Бешик жаңы конушу
Тел.: 0558 033 665, 0773 033 665
E-mail: medresenumberonekg@mail.ru
www.medrese.kg